Койчуманова Ч. У.
Сапарбекова А. А.

кырг
Т3(2Ки)
К 59




# КОЖОМКУЛ – ТАРЫХЫЙ ИНСАН

Бишкек 2007

Кыргыз Республикасынын
Улуттук Илимдер Академиясы
Тарых институту

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Кыргыз Мамлекеттик
Юридикалык Академиясы

Койчуманова Чолпон Урушбековна
Сапарбекова Аксана Асылбековна

# Кожомкул - тарыхый инсан

**Бишкек 2007**

**УДК 94 (47)**
**ББК 63.3 (2 Ки)**
**К 59**

тарых илим. канд. Ч.У. Койчуманова,
А.А. Сапарбекова. Кожомкул – тарыхый инсан.
– Б.: «ДЭМИ» , 2007. 122 б.

**КР УИАнын Тарых институтунун жана КМЮАнын Окумуштуулар кеңештери тарабынан басмага сунушталган.**

**Рецензенттер:** корр.-мүчө Ж.Ж.Жунушалиев,
тарых илим. докт. А.Д.Жуманалиев

**Жооптуу редактор:** тарых илим. канд.
Ж.К. Момбекова

Бул китепте кыргыздын белгилүү балбаны Каба уулу Кожомкулдун тарыхый инсандык өмүр-таржымалы баяндалды. Китеп тарыхчы-адистерге, студенттерге, аспирант-изилдөөчүлөргө жана жалпы эле ышкыбоз окурмандарга арналат.

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)

К 0503020911-07

ISBN 978-9967-24-061-2

© Койчуманова Ч.У.,
Сапарбекова А.А.,
2007

# МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ........................................4-11**

**I БАП. КОЖОМКУЛ ЖАШАГАН МЕЗГИЛ ЖАНА АНЫН ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШ БАСКЫЧТАРЫ**

1-§. Кожомкулдун ата-теги, бала чагы............12-19

2-§. Балбандык өнөрүнүн урунттуу окуялары...19-47

**II БАП. КАБА УУЛУ КОЖОМКУЛДУН КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОШУНА ЖАНА ЧЫҢДАЛЫШЫНА КОШКОН САЛЫМЫ**

1-§. Кедейлер комитетинин түзүлүшү жана андагы Кожомкулдун ишмердүүлүгү..............48-64

2-§. Суусамыр айыл кеңешинин төрагалыгында иштөө..................................64-79

3-§. Кожомкулдун кыргыз тарыхындагы ээлеген орду..........................................79-106

**КОРУТУНДУ..................................107-110**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР.........111-118**

**СПОНСОР ЖӨНҮНДӨ....................119-120**

# КИРИШҮҮ

Алатоону жердеген ата-бабаларыбыздын тукумдарынан элдин керегине жарап, ысымдары сыймык менен айтылган нечен азаматтар чыккан. Кыргыз жери илгертеден эле баатырлардын, балбандардын жери. «Манас», «Эр төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу эпосторубузда дене түзүлүшү жагынан келбеттүү, каардуу, эр жүрөк баатырлар жана балбандар жөнүндө баяндамалар кеңири белгилүү. Кожомкул – эпостордогу баатырлардай болгон тарыхый инсан. Алп балбаныбыз Каба уулу Кожомкул XX кылымда жашаган ак калпак кыргыз элинен тышкары Орто Азия аймагына белгилүү болгон десек жаңылышпайбыз. Албетте, кыргыздарда баатырлар көп болгон. Алар жөнүндө аңыз кептер гана айтылып калган. Каба уулу Кожомкулдун балбандыгы жөнүндө ар кандай уламыштар, легендалар айтылып, ар ким өз көзү менен көрүп, колу менен кармалап көрүүгө боло турган «мурастар» калган.

Башка элдердин балбандары: Иван Поддубный, Кажымукан Муңайтпасов, Георг Ганкеншмиттер, Шемякин, Данкиндерден дене түзүлүшү жагынан да, күчтүүлүгү жагынан да кем калбаган кыргыздын алпы Каба уулу Кожомкул болгон. Кожомкулдун алптыгы, балбандыгы адамдарды таң калтырган. Бирок Кожомкул өз доорунда балбандыгы жана алптыгы менен гана белгилүү болбостон, ал кыргыз жергесинде, анын ичинде өзү туулуп өскөн Суусамыр өрөөнүндө Совет бийлигин орнотууга жана чыңдоого активдүү катышкан партиялык, советтик кызматкер катары да республикабызда кеңири белгилүү болгон инсандарыбыздын бири.

Ошондуктан, Каба уулу Кожомкулдун өмүр баянын, балбандык өнөрүн, Совет бийлигин орнотуудагы жана чыңдоодогу ишмердүүлүгүн иликтеп-изилдөө азыркы күндө актуалдуу маселелерден.

Бул изилдөөнү «Кожомкул – тарыхый инсан» деп атап, негизинен адабиятчылардын мезгилдүү басмасөз беттериндеги, энциклопедияларда жарыяланган ма-

калаларды жана архивдик материалдарды негизги булак катары пайдаландык. Эскерте кетчү нерсе, жазылган макалалардын дээрлиги илимий негизде эмес, эскерүү өңүтүндө жазылган эмгектер экен. Каба уулу Кожомкул жөнүндөгү алгачкы макала 1963-жылы 30-майда «Ленинчил жаш» газетасына чыккан. (Автору Н. Касымбеков). Каба уулу Кожомкул жөнүндө кеңири кызыгып, эскерүүлөрдү чогултуп жүргөн авторлорго А.Белеков, М.К.Саралаев, Ф.Е. Байманды кошсок болот. Мындан тышкары Кожомкул жөнүндө жазылган көркөм чыгармалар да бар. Алсак, Абдылда Белековдун поэмасы[1], Смар Шмеевдин[2], Шарыпкул Эсенгуловдун[3], Марат Саралаевдин[4], Шадыкан Иманалиевдин[5], С.Рыскуловдун[6], Ф.Е. Байман менен В.П. Никулиндин[7], С.А.Аттокуровдун[8] эмгектери, ошондой эле энциклопедияларды[9] колдондук. Ар кайсы авторлордун кээ бир фактыларды ар башкача талкуулап, Кожомкулдун башынан өткөн кай бир окуяларды ар башка жылдар менен көрсөтүп, кайсы бир жерлеринде карама-каршы фактыларды тактоо кыйынга

турду. Мындай фактыларды тактоо үчүн архивдик материалдарды карап чыгуу керек эле. Кыргыз Республикасынын Борбордук Архивинде *Каба уулу Кожомкул фонду* жок экен, бирок Мамбетсеитова Зууранын фондусунда *«Каба балбан баяны»* деген *иш* бар экен[10], анда мезгилдүү басма сөз бетинде жарык көргөн материалдар чогултулган экен. Андан кийин, мурунку Партархив азыркы Кыргыз Республикасынын саясий документтер архивинде *Каба уулу Кожомкулдун өздүк ишин*[11] карап чыктык.

Кожомкул жөнүндө атайын тарыхый илимий изилдөөлөрдүн жоктугуна байланыштуу, бул эмгектин негизги максаты жана милдети – Кожомкулдун өмүр баянын, балбандыгын, ишмердүүлүгүн иликтөөчүлөрдүн материалдарынын негизинде кайрадан иликтеп, изилдөө.

Ар бир улуттун өзүнө тиешелүү тили, салты, оюндары менен катар эле улуттук абийири, ар намысы, сыймыгы болот эмеспи. Кожомкул балбан да кыргыз элинин улут сыймыгы экенин эч ким талаша албас. Бирок анын балбандыгынан тышка-

ры да ишмердүүлүгүн да баса белгилей кетишибиз керек. Кожомкулдун өмүрүнүн теңи Улуу Октябрӥ революциясынан мурун, теңи болсо, ревоюциядан кийин өткөн. Кожомкулдун башынан өткөн окуяларды талдап, анализдеп көрсөк, дене тарбиянын, ар түркүн оюн-тамашалардын жана мелдештердин таптык маанисин түшүнө алабыз, кыргыз жергесинде алардын Совет доорундагы өнүгүүсүн, өзгөрүшүн салыштырып көрө алабыз.

Кожомкулдун революцияга чейинки турмушу башка кедейлердики сыяктуу эле өтө оор жана татаал болгон. Өмүр баянында Бийбак деген байдын колунда эмгектенгендиги берилген. Бойго жетип, күчкө толгондо аш-тойлордо, башка эл арасынан чыккан балбандар сыяктуу күрөшкө, эңишке, эр сайышка катышканы, оордуктарды көтөргөнү Кожомкулдун балбандыгын далилдейт. Аш-тойлорго катышып жеңишке ээ болуп байгени Токтогул айткандай: «Байгең тогуз кырчаңгы, аны да бөлүп, «журт» алды» болуп, байгеси көп болгону менен күрөшкө бир адам түшүп жеңсе, байгени же болбо-

со олжону бай-манаптар бөлүп алып, балбандын өзүнө аз бөлүгү тийгендиги жалпыга белгилүү.

Кожомкулдун балбандык өнөрү, анын көтөргөн таштары калк арасында кеңири белгилүү болсо, тескерисинче, анын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат аз. Ошондуктан, биз бул эмгекте ушул жагдайга көбүрөөк токтолууну туура көрдүк.

Кожомкул балбандыгына, алптыгына эле таянбаган, өтө жөнөкөй, кичи пейил, оор басырыктуу, токтоо, сөз көтөрүмдүү, көрөгөч, калыс адам болгонун Совет бийлигин Суусамырда орнотууда, жергиликтүү эл башканы эмес, Кожомкулду төраганын ордуна көрсөтүшү жана шайлашы, анын эл ичинде кадыр-барктуу экенин далилдейт. Төрагалык ишмердүүлүгүн аткарууда өзүнүн кат сабатсыздыгы жогуна карабастан, Суусамыр өрөөнүндө Совет бийлигин орнотууга жана чыңдоого кошкон салымы чоң. Өтө кыйын, өткөөл мезгилде элдин башын бириктирип, ынтымактуу оокат кылууга үндөп, ошол мезгилдеги эң орчундуу маселелердин бири бай-манаптарды жоюу, кулактар менен

күрөшүүдө өзүнүн ишмердүүлүгүн көрсөтө алган. Кожомкулдун демилгеси менен көпүрөлөр салынып, мындан тышкары, Суусамырда алгачкы жолу 4 бөлмөдөн турган мектеп курулган. Өзү 2-класстык болсо дагы билим алууга жетишкен. Улуу Атамекендик согуш жылдарында да ооруктагы күжүрмөн эмгектен четте калбай, Суусамыр элинин эр азаматтарын, анын ичинде өзүнүн уулдарын кошо аскерге жөнөтүп, калган кары-аксакалдарды, келин-кыздарды, жаш балдарды жетектеп, согушка керектүү тамак-аш, кийим-кечени убагы менен жыйноо, өткөрүү ж.б.у.с. иштердин бардыгы Кожомкулдун демилгеси болгон. Согуш бүткөндөн кийин, чарбаны кайра калыбына келтирүүдө да Кожомкул четте калган эмес. Мындан тышкары 1930-жылдардагы репрессиянын кандуу жылдарында Кожомкул суракка алынганы анын өмүр баянында: «1932-жылы партия жазасына тартылган эмесмин, кылган кызматымдан эч кандай жамандык чыккан эмес» – деп жазылган[12], бул тууралуу А.Токомбаевдин «Кайран эрдин өмүрүн, кандай тагдыр белгилейт?!» деп эскерип

кеткени белгилүү.

Кожомкул балбандын өмүр баянында таалим-тарбия берүүчү жактары да көп. Жаштарды патриоттукка, Атамекенин чексиз сүйүүгө, өз элинин намысын коргой билүүгө чакырып, тарбиялайт деп ойлойбуз.

Эмгекте акыркы мезгилдеги мезгилдүү басмасөз беттериндеги жарык көргөн макалалар, адабий-тарыхый эмгектердин негизинде кыргыз эли сыймыктанган Каба уулу Кожомкулдун балбандыгын, ишмердүүлүгүн иликтеп изилдөөгө, ошондой эле, ошол учурдагы саясий абалды жаңыча көз караште чагылдырууга, талдоого аракет жасалды.

# I БАП.
# КОЖОМКУЛ ЖАШАГАН МЕЗГИЛ ЖАНА АНЫН ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШ БАСКЫЧТАРЫ

## 1-§. Кожомкулдун ата-теги, бала чагы

Каба уулу Кожомкулдун туулган жылы[13] боюнча 1 жыл талаш айтылып жүрөт. Кээ бир эскерүүлөрдө 1888-жылы, кээ биреөндө 1889-жылы Суусамыр өрөөнүндө Жоожүрөк жайлоосунда туулгандыгы айтылат. Кыргыз Республикасынын саясий документтер архивиндеги (Партархив) *өздүк ишиндеги* өмүр баянында 1889-жылы туулгандыгы көрсөтүлүптүр. Ал эми башка гезит, китеп, энциклопедия, журнал беттериндеги макалаларда 1888-жылы туулгандыгы көрсөтүлгөн. Так маалыматтар жок. Билими 2-класстык болуп, латын тилинде «Gaƅajev» деп документтерге кол койгон. 1931-1932-жылдары КПССтин мүчөсү болуп, партбилетинин номуру 1354413 болгон.

Кожомкул балбандын ата-бабалары-

на токтоло турган болсок, балбандын ата-бабалары кыргыз санжырасы боюнча[14] оң канат, ичкилик жана сол канаттын ичинен оң канатына кирет. Оң канатка: багыш, адигине, моңгуш, азык, бугу, солто, сарыбагыш, моңолдор, карачоро (суумурун), саяк уруулары кирет. Кожомкул анын ичинен саяк уруусунан. Саяк уруусунун негиздөөчүсү Тагайдын уулу Саяк деген адам экени жөнүндө Сайфеддин Аксикентинин «Маджму-ат Таварих» деген эмгегинде бир жолу кездешет. Анда анын өз же асыранды баласы экени жөнүндө сөз жок. Бирок кийинки изилдөөчүлөр саяк уруусунун келип чыгышы боюнча башка пикирди жакташат. Алардын ою боюнча Саяк Тагайдын асыранды баласы болгон. Ушул эле ойдун башка түрүн түркolog Н.Аристов илимий болжол менен анын келип чыгышын негиздөөгө аракет жасаган. Ал биринчи жолу *«кыргыздар бир атанын балдары, бир уруктан тарагандар»* деген пикирге каршы чыгып, *«саяктар байыркы,* б.а., *байыркы сактардын насилдери»* деген пикирди айткан. Н.Аристов бул ойду Кытай жазмасына

таянып айткан.

Ч.Валиханов 1859-жылы саяктар жөнүндө кабарды тагыраак жана кеңири берет[15]. Ал боюнча саяк уруусунун чоро уругунун бийи Тайлактын уулу Осмон, Кулжыгач уругунун бийи Түлөөке, Иман уругунун бийи Байтур болгон. Кулжыгач атанын эки байбичеси болгон. Улуу байбичеси Күрүчбек, экинчи байбичеси Субкана. Күрүчбек байбичесинен төрт уул[16]:

1. Жөлүке; 2. Коюке; 3. Шааболот; 4. Караболот.

Караболоттон үч уул:
1. Токтогон; 2. Кадыржан; 3. Кожотай.

Кадыржандан үч уул:
1. Чал; 2. Жамантай; 3. Жаныш.

Жаныштан үч уул:
1. Капал; 2. Түлөберди; 3. Сопол.

Сополдон бир уул – Осуке.

Осукеден төрт уул: 1. Айты; 2. Чыңгыш; 3. Бошкой; 4. Эсиркеп.

Эсиркептен эки уул:
1. Кошуке; 2. Абдирман.

Кошукеден төрт уул:
1. Осмон; 2. Манап; 3. Кенжебай; 4. Каба.

Кабадан: Кожомкул менен Мокотай.

Кожомкулдан: 1. Алымбек; 2. Тургунбек; 3. Муктар; 4. Амантай.

Алымбек менен Тургумбек жаш бала кезинде оорудан же көз тийгенден каза болгондугу белгисиз, экөө тең бир мезгилде каза болгон. Муктардан төрт уул бар:

1. Тобокел; 2. Азизбек; 3. Какар; 4. Жапар.

Амантайдан уч уул:

1. Токтоболот; 2. Акимаалы; 3. Караболот.

Кожомкулду балбандык өнөрдү ата-бабаларынан мурастап калган дешет. Кожомкулдун чоң атасы Кошуке деген адам да балбан болгон. Бирок Кошуке баатырдын өмүр баяны жөнүндө так маалымат жок. Смар Шмеевдин «Каба» деген чыгармасында Кошуке баатыр өмүр баянынан Самак балбандын образын түзгөндүгү белгилүү. Ошондой эле Смар Шмеевдин китеби боюнча Турсун эне Кожомкулдун чоң энеси да балбан аял болгон деп берилет.

Атасы Кошуке уулу Каба болжолу менен 1827-1906-жылдары жашаган, күчтүүлүгү жагынан эл оозуна алынган

балбан адам болгон. Энеси Алмадай да өз убагында эр сайышка түшүп, жеңишке ээ болгон аялдардын бири эле. Каба ата Жоожүрөк жайлоосундагы арыктын боюндагы ташты тээп жылдырган, эр сайыш, күрөш, эңишке түшүп жеңиштерге ээ болуп, оокатын кылышчу. Тагдырга байланыштуу Кожомкул иниси Мокотай экөө эрте жетим калышкан. Кожомкулдун күчтүүлүгү жаш кезинде эле байкала баштаган. Каба өзү билген ыкманын баарын баласына үйрөткөн. Жаш кезинен тартып атасы Каба жылкычы болсо, Кожомкул козу, кой кайтарып, атасына жардам берчү. Күнүмдүк оокат үчүн 10 жашынан тартып Чопкут, Бийбак, Сарала өңдүү Жумгалдын байларына жалданып, малай болуп, кой кайтарып, чөбүн чаап, иниси Мокотай экөө оокатын кылчу. Ушул жылдары иниси Мокотай экөө кара-тумоо оорусунан аман калат.[17] 15-16 жашында айылда ага күч жагынан өзү курдай теңтуштарынын биринин да алы жетпей, *балбан* атка коно баштайт. Өзү теңдүү балдарды бирден эмес, экиден күрөшкөндө, көтөрүп чаап, «төө басты» кылып, үстөмөндөйт.

Каба уулунун кыймыл-аракетине, жүрүм-турумуна көз салып, айрым учурда акыл насаатын айтчу: – «Өз күчүңдү өзүң сынаганда оордуктарды улам көбүрөөк көтөрүп, алыска ыргытканга аракет жаса, тынымсыз кыймылда», – деген.

Ал эми Кожомкулдун Суусамырда балбан катары таанылышына төмөнкү окуя себепчи болгон: Бийбак бай согумга сойом деп субайларын айдатып, бирок бир тор кашка бээсин такыр кармата албайт. Малчылары ары бери тосуп, чалма сала алышпайт. Акыры аркан тосуп, жылкыны колго түшүрүшкөнү менен ал моюн бербей, аркандын эки учун экиден болуп бек кармаган төрт жигитти дырылдатып, алга сүйрөп баратат. Ошондо Кожомкул жетип, тор кашканы куйруктан алып, бура тарта жыгып, тургузбай үстүнө басып отурат. Айтымга караганда, бээ ошол бойдон мууздалган экен.

Ошондон тартып Суусамырдын манаптары каерде той-аш болсо, ошол жакка Кожомкулду ээрчитишип, эңишке күрөшкө, аркан тартышка түшүрө башташат. Негизи эл ичинде Кожомкулдун бал-

бандык өнөрү жөнүндө ар кандай апыртылган кептер айтылып жүрөт. Биз ошонун ичинен далилдүү маалыматтарга же балбандын өз оозунан угуп, жазып алгандардын баяндарына гана таянууга аракет жасадык. Ал эми Кожомкулдун эл алдына биринчи чыгып, эңишке түшкөнү төмөндөгүчө айтылып жүрөт.

Жумгалда Балбай деген бай той берип, найза сайышка каныккан Аксакал аттуу балбан чыгат. Ал Ош, Анжыян тарапта да сайышка түшүп, атагы далайга кеткен Тиштек, Эрназар аттуу балбандарды аттарынан сайып түшүргөн экен. Андыктан ал көп учурда байгени сайышпай туруп эле алчу. Биялы менен Садыраалы Кожомкулга: «Сен чыккын, алсаң алаарсың, албасаң байге биздики», – деп омуроолойт. Бул бир жагы зордук болсо, экинчи жагынан Кожомкул намысына келет.

Аксакалдын өзүнүн күрөшүү ыкмасы боюнча найзаны ээрдин алдына такай кармап, атка камчы үстүнө камчы салып, көздү жумбай тик качырып келет. Кожомкул болсо, текирең таскак менен бетмебет чыгат да, Аксакал жакындап келгенде

шадылуу колдору менен өз найзасын алга сунганда, тигил найзасы менен топуракчаңга кулайт.

## 2-§. Балбандык өнөрүнүн урунттуу окуялары

Кожомкул балбан жөнүндө эл арасында ар кандай сөздөр айтылып келет. Кээси көрүп айтса, кээси апыртып айтып жүрөт.

Мезгилдүү басмасөз беттериндеги макалалар боюнча жана балбанды, жакындан көрүп-билген адамдардын айтуусуна караганда Кожомкул Каба уулу күрөш менен эңиштен эч бир жанга алдырбаптыр.

Кара жумушка каруусу бышкан жана атасынан көп иштер боюнча таалим алган Кожомкул тынымсыз өзүн-өзү маштады. Бою өсүп, кең далылуу азамат күрөштүн ыкмасын үйрөнүп, улам уланта берди. Намыска туулган эр көп жолу күрөшүп, көп ирет мөрөй алып, мактоого арзыйт.

Кожомкул биринчи жолу 15 жашында 45 жаштагы балбан менен беттешүүгө туура келди. Ага чейин эч качан Кожом-

кул күрөшкө чыккан эмес. Ал таймашууда күрөшкө түшүп, каныккан адамдан мөрөйдү алышына көз ирмемдей эле аз калды. Кожомкул аз болгондо «жеңилдим» деп айтмак. Бир убакта Кабанын «Уулум тартынба, кайратыңдан жанба!» деген катуу үнүнө, карап тургандардын баарысы кулак түрүштү. Атасынын сөзү уулунун күчүнө күч, шыгына шык кошкондой болду. Жаш баатырдын өзүнөн 30 жаш улуу, атагы чыккан балбанды жыкканында айылдаштары кубангандарынан төбөлөрү көккө жетип, кыйкырып сүрөп жатып калышты. Кичинекей баатырды бир тобу көкөлөтүп көтөрүшүп, биринчи жолку кадамына эң жакшы каалоолорун айтышып, бата беришти.

Кожомкул Арсыгулдун Аймончок деген кызына үйлөнөт. Тургумбек, Алымбек аттуу балалуу болот. Кожомкулдун балдары да өзүнө окшоп алп, мүчөлөрү келишкен балдар болгон. Бирок тагдырга байланыштуу эки уулу тең жаш кезинде эле каза болушкан. Чечек оруусу менен ооруп, же болбосо көз тийгендиги белгисиз, так маалыматтар жок.

Кожомкулдун андан кийинки элдин эсинде калган эңиштеринин бири – анын Теке баатыр менен болгон күрөшү. Теке баатыр оодарышка макул болот, Кожомкул Текени атынан оодарып түшүрүп, жеңишке ээ болгон.

Кожомкулдун өзү: «Сайышка төрт жолу түштүм, жеңилгеним жок, бир жолку оодарыштан, бир жолу күрөштөн жыгылдым», – деп айтчу экен. Бир жолу Дунган деген адам менен күрөшкө түшөт, алысыраак таяке да болуп калат. Дунган балбан менен күрөшкөндө Кожомкулдун атынын буту кемегеге түшүп кетип, жыгылып аттын астында калат. Ошондо эл чуулдап, «Дунган балбан жеңди» деп ураан чакырып кетишет. Андан кийин күрөштөн Кожомкулдан Дунган балбан жыгылып калат.

Кожомкул кантип күрөшкө түшө баштаганы, жашоо-шарты жөнүндө айтып берген эскерүүлөрүнө токтоло кетсек.[18]

Айылыбызда элге кадырлуу өз оокатына тың, бир аксакал адам бар эле, ошол адам бир күнү мага келип: «Кожомкул, бир бай баласына той берип жатыптыр,

балбан күрөш болот дейт, жүрү баралы», – деди. Менин минер атым жок болсо, кийип барар кийимим болбосо, кантип барам?» – дедим. «Ат, кийимди мен таап берем», – деди. Мен барууга макул болдум.

Той башталар күнү, ал адам өзүнүн кунан байталын мага мингизди, төө чепкенин, калпагын берди. Ошону менен экөөбүз жүрүп кеттик.

Балбанга чыгара турган убак болгондо мени ээрчитип келген адам: «Агайындар менин сөзүмдү уккулачы», – деп калды. Элдер: «Айт, айт», – дешти. Ошондо мени ээрчитип келген аксакал адам айтты: «Кабанын уулу Кожомкул балбанга түшөм деген ой менен келди, ылайык көрсөңөр ошону балбанга салгыла». Аксакалдар макул болушту. «Балбанга шым кийгизгиле» дешти. Балбандар кийчү шымдардын эч бири батпай койду. Ошондо мени ээрчитип барган аксакал: «Менин көрпөчөмдүн алдында бир шым бар, ошону алып келчи», – деп бир адамды жумшады. Шымды өзүнүн аялына: «Кожомкулга баткандай жаргак шым тиккин», –

деп тиктирген экен. Ошол шым араң батты.

Ортого баягы аксакал алып чыкты: «Сен коркпо, сага алы келе турган балбан жок», – деди. Ага болбой эле өңүм бузулуп кеткен окшойт. Аксакал: «Коркпо, андан көрө колу бутун сындырып алба, чебердеп карма», – деди.

Экинчи тараптан мурун балбанга чыгып күрөшүп жүргөн жигит чыкты. Аны көрүп дагы чочуп калдым. Аксакалым: «Коркпо, анын сага алы жетпейт», – деп шыбырады.

Ошентип, ортого чыгып экөөбүз кармашып калдык. Мен анын эки колунан кармап, тегерете бериптирмин, эл койо бер деп кыйкырганын да укпаптырмын. Баягы аксакал келип, койо бер деп кулагыма кыйкырганда гана койо бердим эле, беш - алты аласалып кетти.

Биз жактагылар байге алабыз деп мал байланып турган жакка жапырт жөнөштү. Байге төө баштаган 9 баш экен. «Шыралга» дешип тургандарга баягы ээрчитип келген аксакал: «Менин сөзүмдү уккулачы», – дегенде, эл тынчый калыш-

ты. Ошондо Аксакал айтты: «Агайындар, Кожомкулдун колунда эч малы жок экенин баарыңар билесиңер, байгени бөлүшкөндө ар бириңе бир улактан тийер, ошондон байып кетмек белеңер, андан көрө чогуу бойдон өзүнө бергиле, оокатын кылсын», – деп. Эл макул болду.

Турсун аксакал мага: «Жүр эми байгени айдап кетели», – деп мени ээрчитип барып, байге малын чечип, койлорун кошоктоп айдап жөнөдүк. Төөнү жетелеп, калгандарын айдап үйгө жөнөп кеттик.

Жолдо бара жатканда: «Бул аксакал болбосо, бул байге кайдан тиймек эле, Турсун аксакал каалаганын алсын», – деп ойлондум. Айылга жакындаганда: «Аксакал каалаганыңызды алыңыз», – дедим. «Жок, балам мага эч нерсе керек эмес», – деп койду. Дагы жүрүп отуруп, айырылыша турган жолго келгенде: «Байгенин башы төө экен, ошону алыңыз», – деп туруп алдым. «Жок, мына бул козуну мага өңөрт», – деди. Мен козуну өңөрттүм. Тургун аксакал үйүнө кетти.

Калганын айдап, үйүмө жакындаганда, токойго киргизип коюп, өзүм үйгө бар-

дым. Анткени бул малды кайдан алдың десе, аялыма эмне дейм деп уялдым.

Үйгө барганда аялым: «Айдап келе жаткан малың кана? Жүр көрсөт мага», – деди. Малды аялыма көрсөттүм, аялым үйгө алып келди. «Ата кесибин иштегенге эмнеге уяласың, сен уурдап алган жоксуң», – деди. Мен аялымдын айтканына ичимден макул болдум. Ошо күндөн тартып малдуу боло баштадык. Эми биздин кыйналганыбыз кийим-кече. Жууркан-төшөк дегенден эч нерсе жок. Мына ошол учурда Кетментөбөдө жашаган тууганымдын кызы эсиме түштү. Уккан кабарга караганда жезде чоң соодагер, кездеме сатат экен. Эмне болсо да ошол эже, жездеге барайын деп бел байладым.

Жайдын күнү колума таяк алып, Кетментөбөнү карай жүрүп кеттим. Белден ашып, ар жагына түшкөндө бир кенен конушта 4-5 боз үй бар экен. Четинде чоң боз үй, ошону көздөй бет алдым.

Боз үйгө салам айтып кирдим, капшытта көйнөк-дамбалчан бир семиз киши жаткан экен: «Кел, кел» – деп тура калды. Төрдө кара көлдөлөңдүн үстүндө бай-

бичеси отурган экен. Күйөөсүнүн «Кел, кел», – деп тура калганын жактырбай: «Сага не боб кетти?» – деди. Күйөөсү: «Ой айбан, ой, Кудай Таала өзү сүйүп жараткан пенде гой, кейпин карачы», – деди. Төргө отур деп, көлдөлөңдү көрсөттү. Мен бутума карадым. Бутумда эски жыртык чоң чокой эле.

Үй ээси өтө бер, эч нерсе болбойт деди. Көлдөлөңгө келип отурдум. Байбиче кымыз алдыр деди. Байбичеси күбүрөп чыгып кетти.

Бир жигит чанач менен кымыз алып келди. Өзүм да абдан суусап бардым эле, үч чоң сыр аякты дем албай ичип жибердим. Төртүнчүсүн алдыма коюп, эс алдым. Бай байбичесине айтты: «Жигиттерге айт бир баглан сойсун». Бай менден: «Кайда баратасың?» – деди. «Кетментөбөдө эжем бар эле, ошого баратам», – дедим. Козунун этин жеп, жатып калдым. Эртеси жолго чыктым. Бай кайра келе жатканда биздикине келе кет деди. Бул казактын Дөөм деген байы экен.

Андан жүрүп кеттим, бул жол Суусамырдын башы эле, белден ашып сураш-

тырып отуруп жездемдин айылын таптым, күн намаздигер болуп калганда келдим. Жездем жок экен, эжем мени үйгө киргизди, кийимимди көрүп абдан уялган окшойт. Мен жаттым. Эжем таң атканча машина тигип чыкты. Эртең менен эжем мага: «Баш жагыңдагы кийимдерди кийип, өзүңдүн эскилериңди ороп туруп, кабакка алып барып ташта» – деди.

Карасам, баш жагымда көйнөк, дамбал, башмак, шым, калпак бар экен. Кийип алдым да, эскилеримди ороп туруп, кабакка алпарып таштадым. Жездемдин көлөч маасысы, калпагы тар келди эле, бирок кийип алдым. Ошондон кийин туугандым келиптир деп айылына кабарлады. Кошуналары келип, мени карап таң калышып жатышты, көрсө, мен өтө зор экенмин.

Кечинде жездем келди. Сүйлөшүп отурганда «Эмне жумуштап келдиң?» – деди. Мен кийим-кечеден, жууркан-төшөктөн жүдөп кеттик дедим. Жездем унчуккан жок. Эртең менен ошол жерде тигилип турган боз үйгө ээрчитип барды. Ичине кирсек, үйдүн ичи толтура жыйылган кез-

деме экен. Жездем «Жүз матаны көтөрүп кете аласыңбы?» – деди. Мен көтөрүп кетем дедим. Бирок оордугу канча экенин ойлогум да келбеди. Эже, жездем – ич кийимге, тыш кийимге жана жууркан-төшөккө ылайыктап, 100 мата чыгарышты. Бирөө 4 кг болсо, баарысы 400 кг болот, аны үстү үстүнө жыйганда чоң сандыктай болду. Эжем аркан берди, аны төрт чарчылай таңып, аркандын учун бош койдум, арчылап алыш үчүн.

Эртеси матаны көтөрүп жолго чыктым. Жолдон баягы Дөөм байдыкына кайрылып, анда кондум. Эртең менен жүз матаны эки айгырга артып, суудан өткөрүп коюусун сурандым. Бай макул болду. 100 матаны 2 айгыр кайкалактап араң көтөрүп, суудан өткөрдү. Андан ары өзүм көтөрүп кеттим. Көгарттын белин ашып кетмек болуп, ошону көздөй жөнөдүм. Белдин түбүндө үч боз үй бар экен. Жолдун жээгинде 4-5 кулун байланган. Желенин башында бир аксакал адам отурат. Мен жакындаганда чал «Ээй, чыккыла» деди. Боз үйлөрдөн 2-3 жаш жигит чыга калышты. Аларды көрүп шектенип, желенин аягын-

да жаткан кайың укурукту колума алдым. Жигиттер мени курчай баштады. Келгениң өлөсүң деп укурукту ары-бери шилтей баштадым. Ошондо баягы аксакал «Кейпи жаман экен, тийбегиле!» – деди. Мен кете бердим. Артыман «Укурукту таштап кет» – дешти. Мен «Белге сайып кетем» – дедим. Ошо бойдон жүрүп отуруп, белге чыгып, укурукту жарымына чейин белге сайып койдум. Ошол бакан нечен жылдар бою «Кожомкул сайган бакан» деп эл арасында сөз болуп жүрдү. Мына ошентип, үйүмө, Суусамырга жеттим. Ошондон кийин кийим-кечеге, жууркан-төшөккө жарыдык.

Жумгал районунда, Суусамырдан дайым жөө келип, жөө кетем, анткени начар ат мени көтөрө албайт. Бир күнү жөө келе жатсам, жолдун жээгиндеги дөңдө Түркмөн деген бай отуруптур. Салам айтып колумду сунсам, колун берди. Колун койо бербей туруп, «Сен Түркмөн бай болсоң, 500 жылкың болсо, мен Кожомкул балбан болсом, жөө жүрсөм, ушул жакшыбы? Сен мага бир миниш берсең боло» – деп катуу колун кысып койдум

эле, «Берейин, берейин» – деди. Мен «Чын бересиңби же жөн эле айтып жатасыңбы?» – деп дагы колун катуураак кармадым. «Берейин, берейин» – деди.

Жылкыга барып көрсөм, бир буту жоон, боз кунан жүрөт. Байкасам, ат болчудай, ошону тандап алдым. Анткени башка аттарга салыштырмалуу көтөрө ала турган. «Кожомкулдун боз аты» деп баары кеп кылышчу.[19]

Атактуу балбандар Кожомкул менен Бөлтүрүктүн беттешүүсү да тарыхта кала турган окуялардан болгон. Бул окуя 1932-жылдын жай айларынын биринде болгон. Суусамырдан ат алмашып минип Кожомкул келди, Ысыккөлдөн араба менен Бөлтүрүктү алып келишти. Беттеше турган жер Каракоо (азыркы Кочкор). Калың койдун арасында даңкайган ириктей Кожомкул да, Бөлтүрүк да көпчүлүктүн ичинен бөтөнчө бөлүнүп турат. Эл эки тарап болуп бөлүндү. Күрөш башталa турган болду. Күтүүсүз жерден элдин арасынан Куйручук чыгып: «Токтогула!» – деди, Кожомкул менен Бөлтүрүктү эки колу менен эки жакка түртүп туруп, бул

элге тамаша керек болсо, силерге жан керек. Жашоо керек» – деп, эки балбанды ээрчитип алды. Ошентип, күрөш болбой калды. Куйручук устаканадан жаңы жасалган эки таканы сурап алып, бирөөнү Кожомкулга, экинчисин Бөлтүрүккө сунду. Ушуну бир колдоп сындыргыла. Кожомкул жаадай ийилген таканы катуу кысып койгондо, ал куурайдай «барт» дей түштү, экинчисин Бөлтүрүк кысты эле, ал да чорт сынды. Бир убакта суу талдан аяк башын таарытып, экөөнө эки тутам тал карматты, экөөнүн колундагы талдан тең кирдин суусун сыккандай, суу шорголоду. Куйручук талдарды балбандардын колунан алып, элге көрсөттү, тарамыштай тарам-тарам болуп, суу тал кургап калыптыр.[20]

Совет бийлиги орногондон кийин 1930-жылдары Карабалтага райзо (жер бөлүмү) кылып дайындашты. Райондо жүргөндө бир күнү циркттин балбаны менен күрөштүрөбүз деп базарга алып барышты. Эл көп экен. Базардагы аянтка чыктык. Цирктин балбаны жакын келип, кол беришпей эле, моюнга чаап, колго

чаап кетип жатты. Эл күрү-күү түшүп, кыйкырык. Мен дагы бир аз ызаланып калдым. Ошентип, мурдагыдай чаап кетмекчи болгондо, колу колума уруна түшүп, шап кармадым да, ийинге салып жерге көтөрүп урдум. Турган жок. Мени сүрөп, алып кетишти. Карасам, ак халатчандар самбилге салып алып баратышыптыр.

Карабалтада бир эки ай иштегенден кийин райондун жетекчилеринен айылыма барып келейин деп сурандым. Калып чаптырып, бутума чак булгаары өтүк ултартып беришти. Жолго чыгып, Аксуу ашуусуна салдык, капчыгайдын ортосуна жеткенде, өтүп кеткендерден укса керек, Аксуу элинин болушу Мырзакмат деген жигит алдыбыздан тосуп чыкты. Салам айтып кол алышкан соң:

– Кожоке, сиздин келе жатканыңызды угуп, тосуп чыктым. Эл Суусамырга жайлоого көчүп бара жатты эле, жолго бир чоң таш түшүп, көч өтө албай, 2 күндөн бери капчыгайга тыгылып, убараланып жатабыз, – деп калды.

– Жүрү, бара көрөлү, – деп жөнөп калдык. Баягы жерге жеткенде аттан түшүп

барып карасам жогору жагынан отуруп, тепсе болчудай экен. Көрпөчөмдү алдыма төшөнүп, эки колум менен жер таянып, «Я, Алла!» деп тептим эле таш кулап суу-га түштү. Баягы болуш ак куру менен бетимди аарчыса кан, өйдө турсам. Баягы жаңы өтүгүмдүн таманы тегеренип түшүп калыптыр. Канжыгамды алдырып, ноктолоп кийдим. «Бетиңдин отунан кан чыга түшүптүр» – дээр эле.

Совет өкмөтү орногондон кийин Казакстан менен Кыргызстандын баш кошкон батрактарынын тою болот экен деп, мени алып барышты. Москвадан келген өкүл сүйлөп жатты, тилмеч которуп жатты: «Мына, эки элдин батрактары баш кошкон тойдо тамаша – ат чабыш, күрөш, эңиш жана башкаларды өткөрөбүз. Эңиш күрөштө илгеркилерге бири бириңерге ыза, кордук көрсөтпөй, жөн-жай тамашаларды эл көрсүн. Эгерде эрежени кимде-ким бузса, соттойбуз, – деп сөзүн бүткөндөн кийин мени эңишке алып чыгышты. Анда Эл Комиссарлар Совети Кыргызстанда Абдыкадыр Орозбеков. Мени алып баратып: «Айтылган сөздөн коркпо, ко-

лундан келишинче, алыңдын бардыгынча аянба» деп кайта-кайта айтып барды. Жеткенде мен колумду бердим. Казактан Балбан Шолак чыкты. Кыргыздар бул балбанды Чолок дешет. Анын да күчү бар экен, колумду эки силкип жулуп алып, билектен кармадым. Калпыс кармап койгонмунбу, аттан түшө качты. Кармаган кол билеги эки ачасынан сынып кетиптир. Мени сүрөй кетишти.

Байгесин билген жокмун. Мурун Орозбековго кийим-кече жагынан жетишсиз деп айткам. Ошондон уламбы, кайтарда бир атка толук жүк кездеме берди.

Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде айылдарда «Тоз», андан кийин «Артель» анан колхоз, анан совхоз уюшулбадыбы. «Тоз» мезгилинде кулактардан, орто чарбалардан алынган малдарды, кайрадан таратып берген. Бир күнү бир тууганыбыз келип: «Жүр, элге мал таратып жатат», – деп ээрчишип жөнөп калдык. Барсак, чоң коргонго толтура жылкы камалуу экен. Коргондон берирээк, столго кагаздарын жайып коюп, бир топ комиссия мүчөлөрү олтурушкан экен, салам айттык.

Баягы тууганым: «Балбан келди, буга да бирдеме тиеби?» – деди. «Балбан келсе эмне кылалы, көтөрсө алып кетсин» – деп тамашалашты. Тууганым экөөбүз коргонго бардык. Жылкынын ичинде бир тору байтал ыманы ысык көрүнүп кетти. Кармап, үстүнөн эңкейип, бир колум менен колтуктап, бир колу менен чандырдан алып, так көтөрүп, комиссияларга бардым. «Алсын, алсын» деп кыйкырышты. Кийин ошонун тукумунан жылкы күттүм.

Үй турмуштун жетишпегенинен элден көтөрүп, кой жыйнап, Кетментөбөгө базарга барып, мата (кездеме) алып келем деп жөнөдүм. «Боз коңку» деген жалгыз атым бар. Базарга барып сатып, матаны сылай жүктөп, бирде ашынып, бирде жетелеп, ашууга жакын калганда жолдо бир боз үй, жанында бир эки алачык бар экен. Суусагандыгымдан суусун ичейин деп кайрылып калдым. Үйгө кирсем, башка киши жок, көзү кызыл бир абышка отуруптур. Салам айттым. Бошураак ээгин кыбыратып: «Кайдан келе жатасың, кайсы элденсиң?» – деди. «Күрүчбек элиненмин. Кетментөбөгө бар-

дым эле, кайтып баратам», – дедим. «Түркмөн элинде аласам бар. Ой-ой» – деп бир эки кыйкырып койду, эч нерсе берчүдөй эмес. Түңүлүп, эшикке чыксам, 2-3 жигит аттын жүгүнүн арканын чечип жатыптыр. Ар кимисин ар кайсы жакка алып ыргытып, арканды жыйнап, аттын үстүнө ыргытып, жетелеп жөнөп кеттим. Бир аз узаганда артымдан беш-алты атчан, жоо келе жатат. Атымды ташка тартып миндим да, бастыра бердим. Бир убакта бир атчан келип бакан менен чапмакчы болгондо аны колунан жулуп алып, шыйпаң катары артымды коргоп жүрө бердим. Мен белге чыгып, баягы баканды туу белге 1 метрче жерге киргизе сайып, атымды жетелеп, ойго түшүп кеттим. Ойго жеткенде кайрылып карасам, баягы беш-алты киши белдеги баканды жула алышпай тегеректеп турушат».

Мына ушундай Кожомкулдун балбандык өнөрлөрү тууралуу эл арасында көптөгөн сөздөр алигиче айтылып жүрөт. Кээде бир эле окуянын ар кандай айтылып жүргөнүн жолуктурабыз. Бул окуя жөнүндө да эки башка болуп жазылып

жүрөт, кайсынысы туура экенин далилдөө кыйын болду, ошондон улам экөөнү тең жазууну туура көрдүк.

**Биринчиси Абдрахман балбандын баяны.** «1868-жылдын кеч күзү эле. Айрым бир кесипке байланыштуу жумуштар менен Жумгалда болуп, Кожомкул менен бир катар жылдары үзөнгүлөш жолдош болуп, көп жылдарда табият тартуулаган өнөрүн жашырышпай, эл эрмеги болуп келишкен Абдырахман балбанга (Сырдымат уулу) кезигип, замандашынын эсте калган өнөрлөрүнөн кеп козгоп берүүнү өтүндүк эле.

Сексендин кырын ашып калган бүркүт кабактуу, чокчо сакал карыя оор үшкүрүнө сөзгө аралашты.

«Менин Кожомкулдан төрт-беш жаш улуулугум бар эле. Анын ат жалында көргөзгөн балбандык өнөрү эл ичинде уламыш болуп, муундан муунга өтүп сыймыктуу сөз болуп калгандай эле бар. Кайран адам мындай адамдар кылымда бир көрүнөт тура.[21]

Суусамыр өрөөнүндө укмуштуудай балбан жигит чыгыптыр. Он беш-он алты

жаш курагында азоо жылкыларды куйруктан силкип токтотуп, желедеги ууз-сүткө ныксыраган кулундарды, маңыроо тарткан торпокторду колтугуна кысып, чакырым жерге көтөрүп барганын, анын жаңы жасалган кошкабат ат такаларды жалгыз колдоп кыбыштыра кармап, чала кургаган тал-теректерди билектей бутактарын сыга кармап, тамчылатып суу чыгарып, көлөмү торпоктой таштарды көтөрүп, эл аңыздап басса-турса кеп кылышар эле.

Ал мезгилде мен да эңишке, күрөшкө тандабай чыгып, беттешкенимди алып турган учур эле. 1940-жылдын эрте жазында Суусамырда малчылардын майрамында акыры Кожомкул менен жекеме-жеке беттешүүгө туура келди.

Суусамыр, Жумгал өрөөндөрүнөн келген эл кумурскадай жыбырап, дуу көтөрөт. Эл билермандары болуп эңишке салышты шыңга бойлуу Кожомкул серкенин терисинен тиктирген шымын, бутуна атайлап жасаткан өтүгүн кийинип, жеңин карысына чейин түрүнө, көйнөкчөн чыкты. Шарт боюнча Кожомкул шадылуу колун сунду. Билектен таасын эле карма-

гандай болгом, бирок сунган колун балбан бир эле булкуп кайра тартып алды. Болгон окуяны ачык айткан оң го. Кезеги келгенде мен Кожомкулдан колумду тарта албай койдум.

Бир топко алыштык. Кээсинде минген аттарга канчалык камчы салып, теминген менен жер тырмалашып, ордуларынан козголо албай калышат. Бир оокумда сол колумду бурай, ычкыр кашаттан кошо кармап, үзөнгүнү чирене тээп, ат үстүнөн өмгөктөтүп алып кетти.

Кожомкул менен экинчи жолу 1945-жылы май айында, Совет айылында кездештик. Эл жаалап, бизди алган күрөшкө, анан барып эңишке салмай болушту. Мен эңиш менен эле токтотолу деп өтүндүм. Бул сунушка Кожомкул балбан да макул болду. Бул жолку беттешүүбүз да көпкө созулбады. Арааны жүрүп турган балбандын минген аты да өзүнө төп келишип, жаныбар Кулагер айгырынын омуроолугу, суулугун чайнап, Кожомкулдун эле шыбышын күткөнсүп, адам, алдынан сууруп алат. Атка өбөктөдүм. Ага карабады, үзөңгүлөр кагылышып, аттар өр жалды. Бир

гана Кожомкул балбандын ыгы менен гана катуу булкканы эсимде, анан аттан кандайча түшүп калганымды билбейм».

**Экинчиси, Керим карыянын баяны.** Боромбай уулу Керим карыя да бир катар жылдары Кожомкул менен бирге Суусамыр айылдык советке катчы болуп эмгек өтөгөн. Бул адам да кыргыз журтчулугунун даңазалуу балбаны туурасында көп аңыздуу окуяларды уккан. Өзү да анын көбүнө күбө болгон адам.

Керим карыянын Кожомкулдун казак элинин «далысы жер жыттабаган» айтылуу балбандарынын бири Акбалбан менен беттешкендеги окуясынан кеп салып отурду.

Акбалбан да боордош казак элинин улуттук балбаны Кажымукандын жердеши, Акмоло областынын Качы айылында туулган.

Жаштайынан ал да эл оозуна алынып, көп жылдарда, асыресе, эңиш-күрөш оюнунда билектин күчүн сынап, ат жалында ойногон, өнөрүн көрсөтүп, ири мелдештерден байгесиз кайтпаган балбан экен.

Көргөн-билгендердин айткандарына

караганда, Кожомкул менен жашташ келип, бири биринин өнөрүн алыстан угушуп, жекеме. жеке беттешүүнү көпкө самашкан дешет. (Анын үстүнө Акбалбан той-аштан калбаган «сүрөө» балбан окшойт).

1929-жылдын кеч күзүндө Токтогул жергесинде айтылуу Толуктун оң капчыгайында Рыскулбектин ээлеген уулдары эл көзүнө көрүнүү максаты менен чоң аталарына жумалап аш беришип, күлүктөрдүн баш байгесине тогуздап мал сайып, балбандарга кымкаптап кемсел кийгизип, токуму менен каалаган жылкысын мингизишип, айтор, элден чогулган байлыктарын оңду-солду чачкан дешет.

Дал ошол жайында Андижан тараптын наамын талашкан Акбалбанга Жумгал, Суусамыр өрөөндөрүнүн билермандары Кожомкулду түшкүн дешип, акедей асылып алышат. Ансыз деле шарты келсе, эңишсем деп ыкылас койгон балбан да бул өтүнүчтөргө макул болот.

Акбалбанга адатынча чечинип коюп, эки жигиттин коштоосу менен эл ортосуна келип, кымкап чапанын желбегей жа-

мынып, тизелеп отуруп, атаандашын күтөт.

Шарт боюнча Кожомкулга Акбалбан колун сунат. Кожомкул оң колдоп, ичке билектин ашташ муунунан чымырата кармап, тарткан колун жулдуртбайт. Өз кезегинде Акбалбан кармаган колун Кожомкул жулуп алганда, колунун териси бир кыйла сыйрылып калган экен.

Акбалбан көнгөн адатына салып оң колунун муштумун Кожомкулдун кабыргасына матырып, алгач бир топ шаштысын кетирет. Кожомкул да акырындап, бой токтотуп, атаандашынын ыгын, күчүн, таасын байкайт. Сестене калган балбанды бир оокумда так тегеретип, жамбашка салып таза жыгат. Элдин түп көтөргөн уудуусуна коштоп, Кожомкулду даяр турушкан он чакты жигит так көтөрүшүп, алып кетишкен экен. Дал ошол чоң кармашуудан кийин Кожомкулдун кабары казак элинин улуттук балбаны Кажымуканга жетет. Кажымукан кат жазып, Кожомкулду чакырып, экөө Бишкекте жолугат. Кажымукан өзү күрөштүн французча түрү менен күрөшүп жүргөнүн көп жерлерде болуп, бирок Кожомкулдай карылуу киши-

ни көрбөгөнүн айтат да, дүйнө кыдырып келели, дүйнө элдерине күчүндү көргөз, «сендей күчтүү адам жок» десе болбой койот. Кийин гана «кошо барып күрөшүп, күчүмдү көргөзүп, элимди дүйнөгө таанытмак экемин» деп өкүнүп калганы да эл оозунда айтылып жүрөт.[22]

Кожомкулдай чоң кишилер көп болгон, бирок Кожомкулдун кылгандарын кыла алышкан эмес. Мисалы, Кожомкул өз күчүн жалаң эле аш-тойлорго катышып, байге алыш үчүн эмес, эл үчүн да кызмат кылганга жумшаган. Бийназар деген уста менен Көкөмерен суусуна көпүрө салган. Кожомкул капчыгайдан таш кулатып, жапан дайранын четине үйдөй таштарды тизип, жоон-жоон устундарды көтөрүп коюу – Кожомкулдун колунан келди. Мындан тышкары, Кожомкулдун адамкерчилиги жөнүндө да аңыз кептер айтылып жүрөт. Бир жолу курдашы Азем экөө ашуу ашып келе жатып, тактай сынып, Аземдин кара айгыры жарык музга тыгылат. Кожомкул аттан түшө калып, «ойрон ой, ойрон ой!» деп шашкалактап, ыйык жалдан кармап, айгыр атты жүгү менен тартып чыгат. Азем

«Жүр эми, аттан» дегенине көнбөй: «Арттагылар эмне болот?» деп, кар бороондо көшөрүп отуруп алат. Эки саат дегенде Карабалтадан базарлаган эл келип, Кожомкул алардын баарын Төө-Ашуунун жарык музунан өткөрүп коюп, анан жолго түшкөнүн Азем оозунан түшүрбөй айтып жүрүп, кайтыш болду.

1925-жылы Бийназар уста менен Кожомкул күмбөз салган. Күмбөз боз үй түспөлүндө салынган. Ал убагында эң кооз күмбөз болгон. Азыр эскилиги жетип, араң турат. Күмбөздүн ичине босогодон жогору чопого басылган Кожомкулдун эки колу жакшы сакталган. Эч кимдин оюна келбеген укмуштуу сонун эстелик – Кожомкулдун досу Чаргымбайдын күмбөзү[23].

Ал эми эмки сөз Кожомкул атабыз көтөргөн таштар жөнүндө. Жоожүрөктө Ноортоорунун оозундагы ташты анын атасы өйдө көтөрүп, ары жылдырып таштаган экен. Аны кийин Кожомкул так көтөрүп, 10-15 метр алып барып, акырын жерге койгон. Ченеп-чендеп көргөн эч ким жок, бирок чоңдугу тай торпоктой эле бар. Суусамырдын аркы өйүзүндө, бизге жа-

кын дагы бир таш бар. Көлөмү Сынташтагыдан чоңураак болбосо, кичине эмес. Бери болгондо эле узундугу 1,5 метрдей. Туурасы 1 метрдей келет. Тикесинен коюлган. Суумөөр капчыгайында, тагыраак айтканда, Кожомкул айылындагы Чаргымбайдын күмбөзүнүн жанындагы ташты ат мамы болот деп, 30-40 метр жерден көтөрүп келип орноткон.

Ал эми Кожомкулдун өз оозу менен айтып кеткен бир эки окуяга токтолсок. Аларчанын ашуусунан ашып, төтө жол менен жөнөдүк. Кыргызстандын чоңдору мени циркатин балбаны Кажымухамед менен күч салыштырганга чакыртышкан экен, келсем, ал күрөшүүдөн баш тартты.

«Менда ык бар, сизде күч бар, күрөшкөндү койолу, кол алышып көрөлү», – деди. Мен макул болдум. Адегенде менин колумду кармап, «Тартып алчы», – деди. Мен колумду бир бурап, чыгарып кеттим. «Эми сен карма» – деди. Мен кармадым. Ал колун чыгара албады. Аны менен күч сынашуум ушу менен бүттү. Айлыма аттанарыбызга аз калганда, Кыргыз өкмөтү байгеге деп, эки кызыл өгүз, бир соко, жети түрмөк мата, бутума келиш-

тирип өтүк тиктирип беришти. Сокону өгүзгө артып алып, айылга келип калдык. Эки күндөн кийин Аралдагы өкмөттүн иши менен бара турган болуп калдык.

Мен барганда отурган карыялардын бирөө: «Кожомкул сенин балбандыгыңызды көрүп деле, угуп деле жүрөбүз. Тигилерди убаралантпай тиги ташты мына бу жайына көтөрүп келип койчу» – деп калды. Бешмантымды чечип, алардын жанына басып бардым. Жаткан ташты ортосунан копшоп кучактап, көтөрүп жөнөдүм. Айткан жерине чейин барып, ташты тикесинен урдум. Таш топуракка жарым метрче кире түштү. Бутумду карасам, атайы тигилген өтүгүмдүн таманы ташты көтөрүп, баскан жерде кала берилтир. Ошентип, ал өтүгүмдү бир жай да кийген жокмун.

1906-жылы көтөргөн таштын узундугу 157 сантиметр, айланасы 107 сантиметр болгон. 1965-жылы ченелген. 1924-жылы көтөргөн ташын 1961-жылы Кыргыз Мамлекеттик Дене тарбиясы институтунун студенткасы Эламиева Нургүл илимий ийримге катышып жүрүп, Суусамырга барып, ченеген таштын узундугу 147 см., жоондугу (үч жеринен че-




***Каба уулу Кожомкул***



*Каба уулу Кожомкул*




*Кожомкул туугандары менен*



*Кожомкул оодарган таш*

*Кожомкулдун күмбөздөрү*





*Суусамырдагы Кожомкулдун эстелиги*

нелген) 203, 177, 155 сантиметр болгон.

Күчкө толуп турган убагында салмагы 400 кг чамалуу өгүздү жаракадан сууруп алган. 22 жашында Суусамыр өрөөнүнүн Арамза деген төрүндө бийиктиги 1 метр 60 сантиметр, жоондугу 1 метр 89 сантиметр ташты аралыкка көтөрүп басып, жерге күч менен уруп киргизген. Эл аны «Кожомкулдун ташы» деп бүгүнкү күнгө чейин атайт. Кожомкулдун мындай таштары Суусамырда, Байрак, Жоожүрөк, Кеңсуу жайлоолорунда, Кетментөбө өрөөндөрүндө бар. Ал эми Чүйдөн Суусамырга бара жаткан жолдо аты баспай калып, өзү Төө-Ашуудан атын көтөрүп өткөн деген да маалымат бар.

Жылы белгисиз 1-май майрамында Чаекте эңишке Абдрахман менен Кожомкулду түшкүлө десе экөө тең макул болбой коюшат. Эмесе ат көтөргүлө деп байтал алып келишет. Абдырахман 3 кадам басат. Кожомкул 12 кадам басып барып жерге койот.[24] Ошентип, Кожомкул балбан дагы бир жолу жеңишке жетишет. Айта берсе, Кожомкулдун мындай эрдиктери көп.

# II БАП.
# КАБА УУЛУ КОЖОМКУЛДУН КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОШУНА ЖАНА ЧЫҢДАЛЫШЫНА КОШКОН САЛЫМЫ

## 1-§. Кедейлер комитетинин түзүлүшү жана андагы Кожомкулдун ишмердүүлүгү

Каба уулу Кожомкул эки доордо жашаган адам. Падышалык Россиянын эзүүсүн да, убактылуу өкмөттү да, Кош бийликти да, Совет бийлигин да, тагыраак айтканда, өткөөл, өтө кыйын мезгилде жашаган. Өз убагында иниси Мокотай экөө жанын багыш үчүн, жаш кезинен тартып, бай-манаптын кой-козусун кайтарса, бойго жетип, күчкө толгондо той-аштарда күрөш, эңиш, эр сайыш аттуу улуттук оюндарына катышып, үйбүлөсүн баккан, алп күчүнө гана сыйынган балбан болбостон, Кыргызстанда анын ичинде Суусамыр өрөөнүндө Совет бийлигин орнотууга жана чыңдоого активдүү катышкан

партиялык, советтик кызматкер катары да республикабызда кеңири белгилүү адам болгон.

Кыргызстандын тоолуу айыл-кыштактарында жайлоолорунда социалисттик революциянын ийгиликтүү чабуулу 1918-жылдын жаз айларында башталды. Ошол эле жылы күзүндө Кедейлер комитети бүткүл Кыргызстандын булуң-бурчтарында түзүлө баштады. 1918-жылы 8-октябрда Фергана областтык совети областта Кедейлер комитетин, асыресе, Скобелев уездине уюштуруунун жүрүшү жөнүндөгү маселе атайын талкуулоого алынган, Төмөнкү Үчкоргон жана Жогорку Үчкоргон болуштарынын кыргыз жана өзбек кедейлери Кедейлер комитеттерин түзүшүп, алар 1918-жылы 21-октябрда Областтык совет тарабынан бекитилген. Кедейлер комитеттери Жалалабат участогунда жана башка жерлерде түзүлгөн.[25]

Кедейлер комитеттерин уюштуруу Кыргызстандын түндүк райондорунда да жүргөн. РКП(б)нын Пишпек уездик комитетинин 1918-жылы 20-ноябрдагы чечими боюнча, Кедейлер комитеттерин

уюштуруу үчүн Ефим Клишев жиберилген. Кедейлер комитетин түзүүдө активдүү катышкандар Н.Краснов, И.Чебычкин, И.Худайбергенов, Беспалов, Кабаев Кожомкул ж.б. активдүү катышкан. Георгиевск айылында уезддик партиялык уюмдун өнүгүшүнүн жана жергиликтүү большевиктер Акименко ж.б. катышуусу астында 14 (он төрт) кишиден турган Кедейлер комитети түзүлгөн. Ошол эле жылдын 8-декабрында Ново-Покровск поселогунда Кедейлер комитети шайланган.[26] 1918-жылы Суусамырдагы кыштын кычыроон суугунда Пишпектен Совет өкмөтүнүн өкүлдөрү барып, Суусамыр өрөөнүндө Кедейлер комитетин уюштурушат. Кедейлер комитетинин төрагалыгына карапайым эл Каба уулу Кожомкулду шайлашат. Каба уулу Кожомкул Совет өкмөтүн орнотууда жана чыңдоодо биринчилерден болуп колдоо көрсөткөн. Комитеттин төрагалыгында турганда, көптөгөн кыйынчылыктар менен күрөшүүгө туура келген. Жергиликтүү бай-манаптардын каршылыгы менен күрөшүү, алардын мал-жанын кедейлерге алып берүүдө жана

башка ушул сыяктуу көптөгөн кыйынчылыктар менен күрөшүп, иштин көзүн таап иштөөгө жетише алган.

1921-жылы январда өткөн Түркстан АССРинин казак жана кыргыз кедейлеринин крайлык I съезди келгин дыйкандар ээлеп алган кыргыздардын жерлерин кайтарып бермейинче, кыргыз элинин абалын оңдоого болбой тургандыгын баса белгилейт. 1921-жылы 4-февралда Жетисуу областтык революциячыл комитети бул максатты ишке ашыруу үчүн Жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө буйрукка кол койгон.[27] Ушул эле жылы Жетисуу областынын Нарын кантонунун кедейлеринин I съезди өткөрүлүп, бул съездде Суусамыр өрөөнүнөн делегат болуп Каба уулу Кожомкул келип катышат.

1920-жылдардын башындагы Жер-суу реформасы, жер-суу маселеси боюнча орус жана кыргыз дыйкандарынын ортосундагы колониялык мезгилден калган теңсиздикти жоюуга багытталган. Ал үчүн орус дыйкандарынан ашыкча жерлерди алуу, мал өтүүчү жерлерге жана суунун башына жайгашып алган орус кыштакта-

рын жана хуторлорун жоюу керек эле. Мындан тышкары, жергиликтүү байлардын жерлери алынып, бошогон жерлер кедей дыйкандарга берилмек. Көчмөн калкка жайыттан тышкары айдоо жерлери да бөлүнүп, аларга мамлекет тарабынан акчалай жардам, айыл-чарба шаймандарын, үрөн жана башкаларды берүү милдети турган.[18]

Жер-суу реформасы 1921-1922-жылдары жүргүзүлгөн. Реформа мурун падышалык помещиктик колония күчтүү орногон Жетисуу областынын Верный, Бишкек, Каракол уезддерин; Сырдарыя областынын Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент уезддери.

Жер-суу реформасы эки жыл бою жүргүзүлүп, 1922-жылдын күзүндө аяктаган. 1921-жылдын биринчи жарымында ал өзгөчө чара катарында административдик методдор менен калктын батрак-кедей бөлүгүнүн кеңири колдоосу астында, кулактык колонизатордук элементтердин каршылык көрсөтүүсүн басуу жолу менен ишке ашырылган. 1922-жылы болсо, Жер-суу реформасы жерге орноштуруу иретин-

де жүргүзүлүп, кулактардын ашык жерлери, малы, эгини конфискацияланган. Айыл чарба шаймандары чечкиндүү түрдө тартылып алынган. Ээнбаштык менен пайда болгон поселоктордон жана заимкалардан, 60 миңден ашык чарба. Анын ичинде кулактардын – эксплуататорлордун 400дөн ашык чарбалары жана анча-мынча ири байлардын чарбалары көчүрүлгөн.[19]

Реформанын жүрүшүндө саясий жетишкендиктер менен катар экономикалык ийгиликтер да камсыз болгон. Биринчиден, мында Совет бийлигинин Жер жөнүндөгү декретинин принциптери жүзөгө ашырылган, экинчиден, дыйкандарга жер берүү алардын коллективдүү чарбаларга биригишин тездеткен. Үчүнчүдөн, реформа жер маселесин кандайдыр бир деңгээлде чечип, жерди негизги өндүрүш күч – дыйкандар менен бириктирген. Натыйжада айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

1921-1922-жылы Жер-суу реформасынын жана социалисттик жерге жайгаштыруу саясатынын натыйжасында, кыргыз

жана орус дыйкандарынын жеринин өлчөмү теңделген. Жерге жайгашкан кыргыз дыйкандарынын саны өскөн. Натыйжада айдоо жерлер көбөйүп, жерди иштетүү жакшырган.[20]

Реформаны жүзөгө ашырууда байманаптарга жана кулактарга каршы чечкиндүү күрөш жүргүзүлгөн.

1923-жылы жазында реформанын экинчи этабы башталып, Жетисуу областынын калкын жапырт жерге жайгаштыруу иши жүргүзүлгөн. 1923-1926-жылдары реформа толук социалисттик мүнөздө болуп, дыйкандарды жерди жеке пайдалануудан коллективдүү пайдаланууга өткөрүү максатын көздөгөн. Жерди иштетүүнүн социалисттик реформасына өтүү үчүн Кыргызстанда адегенде көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу керек эле. Совет өкмөтүнүн чечими боюнча ар бир дыйкан жерди жекече же биргелешип иштетүүнүн формаларын тандап алууга, жалданма жумуш күчүн пайдаланууга укуктуу болгон. Отурукташууга өткөн дыйкандарга он жылдык мөөнөт менен айыл чарба шаймандары, унаа, үрөн

бөлүштүрүлүп, мындан тышкары үй, короо-жай курулушу үчүн материалдар бекер берилген. Отуруктаашкан дыйкандар мамлекеттик жана жергиликтүү салыктан беш жылга бошотулган. Аларга агротехникалык жана башка жардам көрсөтүү каралган.[21]

1922-жылы Кара-кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөн. Кара-кыргыз Автономиялуу областына мурдагы Түркстан АССРинен Жетисуу областынын Каракол, Нарын, Бишкек уезддери дээрлик бүт бойдон, Ош уезди, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук Фергана областынын Кокон уездинин 2 болуштугу, Сырдарыя областынын Олуя-Ата уездинен 14 болуштук кирген.

Ошентип, кылымдар бою чачыранды болуп, бөлүнүп келген кыргыз эли автономия формасында болсо да бирдиктүү, улуттук мамлекетке бириктирилген. Бул кыргыз элинин тарыхындагы өзгөчө маанилүү окуя эле.[22]

Кара-кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюш-

турулган. Кыргыз обкомунун партиялык 1-секретарлыгына Михаил Каменский, 2-секретары болуп Юсуп Абдрахманов дайындалган. Кыргыз өкмөтү 1924-жылы декабрда гана Пишпекке көчүп келген. Ошондон тартып, Пишпек шаары Кыргызстандын борбору болуп калды.

1925-жылы 15-январда Областтык ревкомдун кеңешмесинде Кара-кыргыз Автономиялуу областынын түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү салтанаттуу түрдө жарыяланган. Декларация жарыяланган 16-январь майрам күнү катары белгиленген.

Эми мамлекеттик аппаратты түзүү үчүн шайлоолорду Советтердин уюштуруу съездин өткөрүп, бир катар экономикалык жана социалдык милдеттерди чечүү керек эле. Жергиликтүү Советтерге шайлоолор болгондон кийин 1925-жылы 27-30-мартта Пишпекте Автономиялуу областты уюштуруу съезди өткөн. Ага 135 делегат катышып, анын 18и жумушчу 25и дыйкан, 8 кызматкер, 8 окуучу болгон. Съездге Кыргызстанда жашаган бардык улут-

тардын өкүлдөрү: 81 кыргыз, 29 орус, 8 өзбек, 3 украин, 14 башка улуттагылар катышкан.

Советтердин уюштуруу сúезди Кыргыз автономиясынын аткаруучу органы – Советтердин областтык аткаруу комитети шайланган, ага 51 адам кирген.

1925-жылы 31-мартта Областтык аткаруу комитетинин биринчи пленумунда такай иштөөчү, 11 адамдан турган Облаткомунун Президиуму шайланган. Анын карамагына мурдагы батрак, кийин жумушчу болуп иштеген, Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшкөн Абдыкадыр Орозбеков шайланган.

«Эркинтоо» гезитиндеги 1999-жылы 19-мартта чыккан Бейшембаев Султаназирдин «Каба уулу Кожомкул» деген макаласында Кожомкул менен Абдыкадыр Орозбековдун тааныштыгы тууралуу эскертилген. Ал макалада төмөндөгүчө жазылган: «Кожомкулдун башынан өткөн бул окуяны өзүнөн уккам.

Совет өкмөтү орногондон кийин Казакстан менен Кыргызстандын баш кошкон батрактарынын тою болот экен деп,

мени (Кожомкулду) алып барышты. Москвадан келген өкүл сүйлөп жатты, тилмеч которуп жатты: «Мына эки элдин батрактары баш кошкон тойдо тамаша – ат чабыш, күрөш, эңиш жан башкаларды өткөрөбүз. Эңиш күрөштө илгеркилерге бирибириңерге ыза, кордук көрсөтпөй, жөн-жай тамашаларды эл көрсүн. Эгерде эрежени кимде-ким бузса соттойбуз» – деп сөзүн бүткөндөн кийин мени эңишке алып чыгышты. Анда Кыргызстан Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков. Мени алып баратып: «Айтылган сөздөн коркпо, колуңдан келишинче, алыңдын бардыгынча аянба» деп кайта-кайта айтып барды. Жеткенде мен колумду бердим. Казактан Чолок балбан чыкты. Анын да күчү бар экен, колумду эки силкип, жулуп алып билектен кармадым. Калпыс кармап койгонмунбу, аттан түшө качты. Кармаган кол билеги эки ачасынан сынып кетиптир. Мени сүрөй кетишти, байгесин билген жокмун. Мурун Орозбековго кийим-кече жагынан жетишсиз деп айткам. Ошондон кайтаарда бир атка толук жүк кездеме берди.[23]

Кара-кыргыз Автономиялуу областынын уюштуруу сиездинде эле (1925-жылдын марты) ага катышкан делегаттар союздук өкмөткө Кара-кыргыз Автономиялуу областын, Кыргыз Автономиялуу областы деп кайра атоо сунушу менен кайрылган. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1925-жылы 25-майдагы чечими менен област Кыргыз Автономиялуу областы болуп аталган.[24]

Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитети 1926-жылы 1-февралда Кыргыз Областынын территориясынын кеңдигин, чет мамлекет менен чектешкенин, экономикасынын, маданиятынын жана тилинин маанисин эске алып, Кыргыз автономия областын Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикага айлантуу жөнүндө чечим кабыл алган. Ошентип, Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабын баштаган. Бул окуя 1927-жылы 7-12-мартта өткөн Кыргыз АССРинин Советтеринин I сиездинде мыйзамдаштырылган.[25] Совет бийлиги орногон биринчи күндөрдөн эле башталган көчмөн

райондорду советтештирүү процесси узак жана кыйын болгон. Көчмөн чарбалардын натуралдуу жана жарым натуралдуу формасы, патриархалдык-феодалдык мамилелердин болушу бул процессти өзгөчө татаалдандырды. Кыргыз АССРи түзүлгөн кезде көчмөн райондордо Советтер мал чарбасы менен күн көргөн калктын турмуш шарттарына толук ылайыкташтырыла элек болчу. Айрым райондордо көчмөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү өзүлөрүнүн малы менен жайлоолорго чыгып кеткен мезгилде советтик аппараттын таасиринен тышкары калышчу. Ошондуктан, көчмөндөрдүн он миңдеген чарбалары болгон бийик тоолуу жайлоолордо байлар менен манаптардын таасирлери күчтүү болгон. Уруучулук тиричиликтин сакталып калган салттарына таянып, алар административдик кызматтарды өзүнө алышып, мыйзамсыз салыктарды жыйнашып, түмөндөгөн малды ээлешип, жайыттарды башкарып, кедейлер менен батрактар экономикалык жактан көзкаранды болгондуктан, байлар жана манаптар менен көчүп жүрүүгө аргасыз болушуп, алардын ма-

лын багып, ар түрдүү жумуштарын аткарышкан.

Жайлоолордо бийликти уюштуруунун формалары жөнүндө маселени ВКП(б) Кыргыз обкомунун айыл-кыштак комиссиясы областтык аткаруу комитетинин алдындагы көчмөн райондорду текшерүү боюнча Комиссия менен бирге изилдеп чыккан. Жайлоо кеңештерин уюштуруу Кыргызстандын көчмөн райондорунун шарттарында В.И. Лениндин капитализмге чейинки коомдук турмуштун шарттарына Советтерди ылайыкташтыруу керек деген көрсөтмөлөрүн чыгармачылык менен колдонуу болду.

1927-жылы 20-февралда ВКП(б) Кыргыз обкомунун аткаруу бюросу, айыл-кыштак комиссиясынын ишинин жыйынтыктарын талкуулап, токтом кабыл алып, анда мал чарбаларды көчүп жүргөн мезгилде Жайлоо кеңештери бийликтин өтө жарактуу формасы болуп эсептелет деп тапкан. Ошол эле отурумда республиканын өкмөтү тарабынан бекитилген «Жайлоо Совети жөнүндө убактылуу жобо» кубатталып, Советтин алдындагы партиялык

жана коомдук уюмдардын иши жөнүндө инструкция бекитилген.

Жайлоолордо убактылуу Кеңештерди түзүүнүн практикалык тажрыйбасы болгон эмес. Мындан Советтин өтө оңтойлуу жана максатка ылайыктуу структурасын табуу, анын ишинин формаларын жана башка белгилөө керек болчу. Ошондуктан, адегенде ири жайлоолордун биринде гана – Суусамырда Жайлоо кеңешин уюштурууга чечим кабыл алынган.

Суусамырдагы Жайлоо кеңеши көчмөн калктын арасында активдүү жумуштарды жүргүздү. Ал жайлоону пайдалануунун тартибин жайгаштырып, салык кампанияларын жүргүзүп, Советтик төмөнкү аппаратка инструкция берген. 1927-жылы ноябрда болуп өткөн партиянын областтык төртүнчү конференциясы Суусамыр Жайлоо кеңешинин ишин жактырып, Кыргызстандын көчмөн райондорунда Жайлоо кеңештеринин тармактарын кеңейтүү ылайыктуу деп табылган.

Суусамырдагы Жайлоо кеңеши элдин турмушун оңдоо, кат сабатсыздыкты жоюу, тап күрөшүнө активдүү катышуу,

кулактарга, молдо, кожолорго сокку уруу жагынан көп жетишкендиктерге жетише алышкан. Көчмөндөрдүн арасында отурукташкан турмуштун артыкчылыктары жөнүндө кеңири түшүндүрүү жумуштарын жүргүзүшүп, мунун аркасында калктын отурукташууга умтулуусу күчөгөн. Жайлоо кеңеши жүргүзгөн иштердин аркасында көчмөндөрдүн эмгекчи массаларга Совет бийлигинин максаттарын жана милдеттерин ачык түшүнө баштаган. Жайлоо кеңешиндеги мезгилинде да Кожомкул өзүнүн ишмердүүлүгүн көрсөтө алган.

Жайлоо кеңештери бар болгону беш-алты жыл гана иш алып баргандыгына карабастан, алар Кыргызстандагы Советтик курулуштун тарыхына көзгө көрүнөрлүк из калтырган. Кыргызстандын Советтеринин III съездинде (1931-жыл, февраль) белгиленгендей, Жайлоо кеңештери практика жүзүндө өзүлөрүн көчмөн райондогу пролетариат диктатурасынын органдары катарында акташты, алар калктын таптык ажырашына жана Совет бийлигин эмгекчи массаларга жакындатууга жардам көрсөтүштү. Жайлоо кеңешинин базасында

Коммунисттик партия социалисттик мыйзамдуулукту чыңдап гана тим болбостон, көчмөндөрдүн арасында чарбалык жана маданий курулуш боюнча да зор иштерди жүргүзүштү.[26]

Ошентип, Каба уулу Кожомкул 1918-1928-жылдары Суусамырдагы Совет бийлигинин орношуна, чыңдалышына, Кедейлер комитетинин төрагалыгында иштеп турганда чоң жардам көрсөтө алган. Жайлоо кеңешинин түзүлгөндүгүндө жана анын ишмердүүлүгүндө өзүнүн зор салымын кошкон. Ошол мезгилдеги көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан иштин көзүн таап, жогорудан келген тапшырмаларды так аткарууга жетише алган.

## 2-§. Суусамыр айыл кеңешинин төрагалыгында иштөө

1929-жылы Кыргызстанда кооперациянын адистешкен формаларын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынып, ага ылайык, «Кыргыз пахта союзу», «Кыргыз мал чарба союзу», «Кыргыз колхоз союзу» жана башкалар түзүлгөн. Булар өнөр жай ме-

нен дыйкандардын ортосундагы байланыштыруучу органдар болуп калган. Бул кооперативдик союздар дыйкандарды өндүрүштүк кооперациянын башкы формалары жерди биргелешип иштетүү шериктештигине (ТОЗ) жана айыл чарба артелдерине биригишине даярдоодо чоң роль ойношкон. Бул иште Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде эле байлардын, кулактардын жерлерин, малын конфискациялоо учурунда түзүлүп, чыңдалып калган колхоздор да түрткү болгон.[27]

Бейшенбаев Султаназирдин эскерүүсү боюнча «ТОЗ» мезгилинде Кожомкул бир тууганы менен Чоңкоргондо толтура жылкы камалып турган жерге барып, комиссия мүчөлөрү олтурушкан экен, кагаздарын жайып алып. Кожомкулдун тууганы: «Балбан келди, буга да бирдеме тиеби?» – деди. «Балбан келсе эмне кылалы, көтөрсө алып кетсин» – деп тамашалашты. Тууганы экөө коргонго барып, жылкынын ичинде бир тору ыманы ысык көрүнүп, аны кармап, үстүнөн эңкейип бир колу менен колтуктап, бир колу менен чандырдан алып так көтөрүп, комиссия-

ларга барган. Ошентип, Кожомкул жылкылуу болгон деп жазган.[28]

Эзүүчү таптарды жоюу менен бирге дыйкандарды да кыңк эттирбей баш ийдирүү үчүн аларды өндүрүш каражаттарынан ажыратып, менчиктин бардык формаларын мамлекеттин колуна өткөрүү саясаты башталат.[29]

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн И.Сталин 1929-жылы жай айында айыл чарбасын «туташ коллективдештирүүнүн» ураанын жарыялаган. Ошентип, айыл-кыштактарды социалисттик укладга өткөрүү үчүн «улуу бурулуш» башталган. 1930-жылы 5-январда ВКП(б) Борбордук Комитети коллективдештирүүнүн темпи жана колхоз курулушуна мамлекеттик жардам көрсөтүүнүн чаралары жөнүндө токтом кабыл алган. Анда коллективдештирүүнүн мөөнөтү бекитилген.[30]

1930-жылдан баштап, жаңы экономикалык саясаттын принциптери бузулуп, сталиндик административдик-командалык система күчүнө кире баштаган. Бюрократизм күчөп, субъективдүү пландарды таңуулоо, аны аткарууга мажбурлоо ыкмалары күчөгөн.[31]

Ар бир район үчүн коллективдеш-

тирүүнү жүргүзүүнүн ар башка мөөнөтүн койду. Кыргызстан областтардын 3 тобуна кирип, коллективдештирүү 1933-жылы бүтүш керек болчу. Ошону менен бирге ВКП(б) Борбордук Комитети жогортодон колхоздук кыймылга эч кандай декреттөө болбосун деп жергиликтүү партия уюмдарын алдын ала эскерткен. Дыйканчылык райондорго караганда республиканын мал чарба райондорунда жерди биргелешип иштетүү шериктештиги айыл чарба артелине өтүүдөгү баскыч катарында массалык түрдө таралышы керек эле.[32]

Бардык жердегидей эле Кыргызстанда коллективдештирүү тап душмандар менен айыгышкан күрөштө өткөн. Кулактар менен байлар малды жана шаймандарды жок кыла башташкан. Байлар менен манаптар уруулук калдыктарды пайдаланышып, өздөрүнүн туугандарынын арасында коллективдешүүгө каршы үгүт жүргүзүп, ага каршы куралдуу бандалар, уюштурушуп, кохоздорго кол салышкан.[33]

Кулактар менен байлар кохоздук активисттерди жана алдынкы колхозчуларды террорлоо жолуна түшүп, алардын

кээ бирөөлөрүн өлтүрүшкөн. Ушундай тоскоолдуктарга Кожомкул да дуушар болгон, түн ортосунда башка айылдардан бирөөлөрдү жалдап келип, Кожомкулду урууга, үйүн өрттөөгө жиберишкен. Үйүн өрттөшкөн, бирок үйбүлөсү аман калган, тилекке каршы, кайсы жыл экени белгисиз жана кимдерди жалдаганы белгисиз.

Колхоз курулушу башталганда эле Суусамырда биринчилерден болуп, Кожомкул, Бийназар, Боромбай, Султаназир өңдүү адамдар колхозго киришип малын ортолотушкан. Башка жердегидей эле Суусамырдын бай-манаптары малын кыйынчылык менен өткөзүшкөн же болбосо, мажбурлоо жолу менен өткөзүп берүүгө аргасыз болушкан.

Коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү кордук менен зордукка дыйкандар өздөрүнүн мал мүлкүн жок кылуу, өрттөп жиберүү, Кытайга айдап качуу жана башка ушул сыяктуу жоопторду кылышкан.

Совет бийлиги буга жооп катары айыл-кыштактагы репрессияны күчөткөн. 1931-жылдын август-сентябрь айларында

эле 6 миң үйбүлө Украина менен Түндүк Кавказга көчүрүлгөн. Бул массалык көчүрүүгө Суусамыр кулактары да дуушар болушкан. Республикада 1933-жылы 2113 кулак чарбасы репрессияланган. Ошентип, коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү байларга, кулактарга каршы жүргүзүлгөн күрөш аларды тап катары жоюу менен коштолгон. Сталиндин 1929-жылдын 27-декабрындагы «Кулактарды тап катары жоюу» урааны ишке ашырылган.

Коллективдешкен чарбалардын саны өскөн. 1932-жылдын башында 1533 айыл чарба артели болгон. Бир жылдын ичинде коллективдештирилген чарбалардын саны эки эсеге дээрлик көбөйүп, 54600дон 105503кө жеткен. Айыл чарбасында продукциянын негизги өндүрүүчү күч колхоздук совхоздук сектор болду.

КПССтин мүчөлүгүнө Каба уулу Кожомкулдун өткөндүгү жөнүндө гезит, энциклопедия беттеринде так маалымат жок, бирок мурда Партархив, азыр Кыргыз Республикасынын Саясий Документтер архивиндеги *өздүк ишинде* 1932-жылы Партиянын мүчөлүгүнө өттү жана парт-

билетинин № 1354413 деп берилиптир.[34]

Ал эми 1933-жылы Кожомкулду Калинин районундагы райзого көтөрүп жиберишет, бирок бул тууралуу да так маалымат жок, 1930-жылдары Карабалтада райзо/райондук жер бөлүмү/ болуп дайындалат деген маалымат Эркин-Тоо гезитиндеги Бейшембаев Султаназирдин макаласында жазылган. 1935-жылдан баштап Суусамыр совхозу уюшулуп, директорлукка Кожомкул дайындалат. Ошол эле жылы Суусамыр айыл кенеши Тяньшань областына караштуу Жумгал районуна кошулат.

1935-жылы азыркы «Кызылой» совхозунун ордунда Көкөмерен айылдык кеңешинин аймагында жайгашкан «Үлгү» жана «8-март» деген эки чакан колхоз болгон. Ал жерлерде ашып кетсе, 40-50 түтүндөн эл жашаган. Кожомкул чарбанын элин чогултуп, аларга: «Мына, кадимкидей кыштак куруп, өзүбүзгө колхоз болуп, бир жерге байыр алып отурукташтык. Эми балдарды кайда окутабыз? Өзүбүз чала сабаттуу болгонубуз жетишет, балдарды окуудан калтырбайлы. Бир

мектеп куруп алалы» – деп кеңеш салат. Ал кезде айылдык кеңештин төрагасынын кадыр-баркы өтө жогору болгон. Анын үстүнө Кожомкул элине айтса, аны эл эп көрүп «Кожокем айтты» деп, тезинен аткаруунун камын көрүшөр эле. Ошентип, ал каражат топтой баштайт. Акчасы жоктор мал топтошуп, Кетментөбөнүн базарына сатып келишкен. Мектепти салууда колунан көөрү төгүлгөн, Б.Маадемилов, А.Бараканов, А.Буланов, Ч.Жаналиев, Ж.Кенебаев, бир тууган Жангазиевдер өңдүү усталарга эл жапа тырмак жардам беришкен.[35] Ошентип, 7-жылдык мектеп тургузулду. Мектеп 4 бөлмөдөн турган.

Кожомкул өзүнүн ишмердиги, жөнөкөйлүгү, кам көрө билгендиги менен айылдаштарынын урмат-сыйына татыган, кадыр-барктуу адам болгон.

1936-жылы Башкууганды айыл кеңешине калыс өкүл болуп дайындалат. Ал жердеги колхоз душмандарды болгон бай-манаптардын, кулактардын калдыктарын жоюуга, колхоз курулушун чындоого салымын кошкон.[36] 1937-жылкы «Контрреволюциялык чыккынчылардан тазалануу»

иши жүрүп жатканда Кыргызстанда К.Тыныстановдун чыгармачылыгынан «буржуазиялык кулактык улутчулдукту» таап, аны «эл душманы» деп жарыялашкан. Июнй айында А.Сыдыковдун «улутчул, контрреволюциялык – көтөрүшчүл, антисоветтик» уюму «ачылат». Борбордо башталган Сталиндик линиянын душмандарын Кыргызстанда да жок кылыш керек эле. Органдар жөн жатпаш үчүн изилденип бүтүп, 1933-жылы эле жабылган «Социал Туран партиясынын» ишин кайрадан козгоп чыгышат. Бир аз аракеттер болуп, бирок толук түзүлбөгөн бул партияга тиешеси бар деп, эч жазыксыз адамдар атууга кеткен. Алардын ичинде Ю.Абдрахманов, И.Айдарбеков, Т.Айтматов, Б.Исакеев, А.Орозбеков, Ж.Саадаев, К.Тыныстанов, О.Тынаев өңдүү кыргыз элинин чыгаан уулдары болгон. Катаал тазалоолордун, массалык репрессиянын натыйжасында Кыргызстандык партиялык уюм 1934-жылдын январынан – 1934-жылдын апрелине чейин эле 14 миң адамдан 6 миңге аткарган.[37]

Каба уулу Кожомкул да 1932-жылы

Берияныи токтомуна ылайык Пишпекке алынып келинип, жалган күнөө менен түрмөгө камалган. А.Токомбаевдин 1970-жылы «Кыргызстан» басмасы тарабынан «Момия» ырлар жыйнагы жарык көргөн. Мына ошол жыйнакта Кожомкулга арналган ыр саптары бар:

«Азыркынын Манасы,
Кожомкул да келди дейт.
Парашанын түбүнөн
Барктап орун берди дейт.
Кайран эрдин өмүрүн,
Кандай тагдыр белгилейт ?!» – деп

эскерип кеткен. Кожомкул орус тилин билген эмес, сурак тилмеч (котормочу) аркылуу жүрүп турган. Балбан менен кошо Суусамыр өрөөнүнөн алынып келинген Карабек, Чатыркул деген адамдардын эскерүүсүндө түрмөдөн бир чоң олбурлуу орус аскери такалуу өтүгү менен жылаңайлак отурган Кожомкулдун бутун басып, «өнөрүн» көрсөткүсү келет. Балбан ачууга тийишпесин, уруп-сокккондорун токтотушсун, эмне керек болсо сурашсын айтып берем, болбосо өзүн көтөрүп, эшик терезесин талкалап, жерге бир чабам, өлүп

калбасын деп эскертип, тилмеч аркылуу айттырат.[38] Ошондон кийин уруулар токтоп, Кожомкул менен кошо 20-30 адам түрмөдөн бошотулат. 1930-жылдагы массалык репрессияда кыргыздын балбаны Кожомкулду да жөн койбой, суракка алып, анын ак экени далилденип, бошотулат.[39]

Бул жөнүндө Кожомкул балбандын өзүнүн «партия жазасына тартылган эмесмин, кылган кызматыман эч кандай жамандык чыккан эмес» деген эскерүүлөрү да бар.

Ак жеринен жалаа жабылып кыргыздын канча деген уулдары атылып кетти. Ошондон кийин да, Кожомкул өзү туулган жерине келип, партия менен Совет өкмөтүнө кызматын өтөп, ишмердүүлүгүн уланта берет. 1939-жылы Суусамыр айыл кеңешинин төрагалыгына келет. Ошол мезгилдеги орчундуу маселелерди чечип, Суусамыр өрөөнүнүн жашоо-шартын оңдоого, жакшыртууга болгон аракетин жумшайт.

Убакыт өтүп, көз ачып жумганча 1941-жыл да кирип келет. 1941-жылы Нарын шаарында эркин күрөш боюнча мел-

деш болуп, Кожомкул келип катышып, жеңишке ээ болуп, Фрунзеге кетерде Атамекенге гитлердик баскынчылар кол салышканын угуп, кайра Суусамырга кайтып келет.

Улуу Атамекендик согуш мезгилинде Кожомкул атабыз уулу Муктар менен Амантайды Суусамырдын согушка чакырылган башка уулдары менен бирге жөнөтөт. Согуш мезгилинде «Морт», «Үлгү» колхоздорунун баштапкы партия уюмунун катчысы экен. Айыл кеңешинин төрагасы Бомокоев Асемкул «Кызылой» айыл кеңешине төрагалыкка которулуп, ордуна Кожомкул дайындалды. Айыл чарбасы фронт үчүн кызмат кылган. Согуштун башталышында өнөр жайы гана эмес, өлкөнүн айыл чарбасы да чоң кыйроого учураган.

1942-жылы өлкөнүн айыл чарбасы өтө оор абалга дуушар болгон. СССР эгинге жана малга бай Украинадан, Дондон, Крым менен Кубандан ажыраган. Фронтту азык-түлүк менен жабдууда негизги милдет Орто Азия менен Казакстанга жүктөлгөн. Айыл чарбасына жетекчиликти күчөтүү үчүн МТСтерде жана совхоз-

дордо саясий бөлүмдөр түзүлгөн. Айыл чарбасынын эмгекчилери болуп көрбөгөндөй кужурмөндүктү көрсөтүшкөн. Чарба жумуштарын аткарууда норманы аткаруу салтка айланган. Техниканын жетишсиздигинен көп жумуштар кол менен бүтүрүлгөн. Техникалык өсүмдүктөрдөн жогору түшүм алууда Сокулук районунун «Кызыл Аскер» колхозунун Керимбүбү Шопокова жетектеген звеносу айырмаланган. Чүй районунун «Кайырма» колхозунан А.Жолдошбаеванын звеносу, Жалалабат областынын Сузак районундагы Сталин атындагы колхоздун И.Исмаилова жетектеген звено, ошондой эле Жумгал районунун Суусамыр айыл кеңешинин төрагасы Каба уулу Кожомкул кары-картаңдарды, келин-кыздарды уюштуруп, ошол убактагы айыл кеңешинин бирден бир негизги иши булар болгон: Армияга (аскерге) чакыргандарды жөнөтүү, аскерден качкандарды кармоо, соко шаймандарын оңдоо, үрөн тазалоо, күч унааларын байлоо, фронтко жылуу кийим топтоо, заем, бойдок салыктарды чогултуу, күздө мамлекетке эгин тапшыруу. Бул иштер-

дин аткарылышын жума сайын районго маалымат берип туруу, айыл кеңешинин отурумунда башкармалардын докладдарын угуп, тиешелүү чараларды көрүү, жоокерлердин үйбүлөсүнө пособие чектөө жана башка ушул сыяктуу жумуштарды өз убагында, так аткарууга үлгүргөн.[40]

Ошентип, Кожомкул согуштун оор жылдарында тылда күжүрмөндүк менен өзүнүн жердештерин жетектеп, эмгек кылган.

Согуш бүткөндөн кийин СССРдин башка республикаларындай эле Кыргыз ССРинин өнөр жайы, айыл чарбасы да бүлгүнгө учураган. Өлкөдөгү шаарларды, колхоздорду калыбына келтирүүгө атайын фонд түзүлүп, Кожомкулдун ишмердүүлүгү, уюштура билүүсү менен суусамырлыктар бул фондго мал чогултуп берген. Ошол мезгилден баштап 1948-жылга чейин Көкөмерен айыл кеңешинин төрагасы болуп иштейт. 1948-жылдан баштап, персоналдык пенсияга чыгып, «8-март» колхозунун жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген.

1952-жылдан тартып, Суусамыр эли

Тяньшань областынын карамагынан чыгып, Чүй областына караганда Сокулук районунун «Победа» колхозунун кой-товар фермасында башчы болуп иштейт.

Кыргыз улутунун сыймыгы, Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга жана чындоого активдүү катышкан, алп Каба уулу Кожомкул 1955-жылы 4-октябрда жүрөк оорусунан дүйнөдөн кайткан. Бул жөнүндө «Кызыл Кыргызстан» гезити 1955-жылы 4-ноябрда некролог жарыялаган: *«Партиянын Фрунзе областтык комитети жана эмгекчилер депутаттарынын Фрунзе областтык аткаруу комитети КПССтин мүчөсү, Суусамыр айыл кеңешинин мурдагы төрагасы жана Суусамыр өрөөнүндө Совет бийлигин орнотууга жана чындоого активдүү катышкан Кожомкул Кабаевдин дүйнөдөн кайткандыгы билдирилет жана маркумдун үйбүлөсүнө терең кайгыруу менен көңүл айтышат».*

Ошентип, кыргыз элинин салттуу тарыхында ээлеген өз орду бар Кожомкул балбан элинин чыныгы уулу болгон. Элине ак кызмат гана өтөбөстөн, элинин атын алыска жеткирип, намысын коргой

биле алды. Кыргыз эли мындай уулдары менен дайым сыймыктанат жана эч качан унутпайт деп ойлойбуз.

## 3-§. Кожомкулдун кыргыз тарыхындагы ээлеген орду

Каба уулу Кожомкул тарыхта өзүнүн балбандыгы, алптыгы, эбегейсиз зор күчү, акылдуулугу, жөнөкөйлүгү, кичи пейилдүүлүгү менен гана белгилүү болбостон өз мезгилинде эң оор жана орчундуу маселелердин бири Совет бийлигин орнотууда жана чыңдоодо өзүнүн зор салымын кошкон. Өзүнүн билиминин жоктугуна карабастан, жаңы өкмөт кедейлердин өкмөтү экенин туура түшүнүп, Суусамырга келген Совет өкмөтүнүн активдерине жардам берип, Кедейлер комитетинин төрагалыгына эл шайлап, элдин үмүтүн актоого кыйын мезгилде карапайым эл менен иштешип, аларга Совет бийлигин кандай жол менен өнүгө турганын түшүндүрүүгө аракет кылган. Андан тышкары бай-манаптар, кулактар менен күрөшүүдө да өтө көрөгөчтүк менен че-

чим чыгарууга аракет кылган. Совет бийлигин чындоого багытталган Кедейлер комитети, ТОЗ, артель, колхоз, совхоз сыяктуу программалардын баарын тең өтө кылдаттык менен аткарууга аракеттенген. Ошондой эле, ошол мезгилдеги эң орчундуу маселелердин бири, кат сабатсыздыкты жоюу болгон, мында да Кожомкул атабыз четте калбай, өзү 2-класстык билим алып, ошондой эле кийинки муундар бизге окшоп кат сабатсыздыгы жок болуп калбасын деп, мектеп куруу керек экенин карапайым элге түшүндүрүп, жергиликтүү элден колдоо алган, мектеп куруу үчүн каражат керек эле, кыргыз элине илгертеден эле белгилүү болгон «ашар» кылып, эл каражат топтоп, мектепке керектүү материалдарды алып келишкен.[41] Бул мектеп 4 бөлмөлүү болуп, Суусамырдагы эң алгачкы мектеп болгон. Мектепти салууда колунан көөрү төгүлгөн Б.Маадамилов А.Бараканов, А.Буланов, Ч.Жаналиев, Ж.Кенжебаев, бир тууган Жанга-зиевдер өңдүү усталарга эл жапа тырмак жардам беришкен. Мектеп курулуп бүтүп, калаа жактан окутуучу (мугалим) жиберилип,

Карабалтадан ат, өгүз менен китеп, кагаз, калем өңдүү өтө тартыш окуу куралдарын алып келип, кышкысын өтө катуу суук болот деп темир уста Б.Маадемиловго темир меш салдырып, карапайым эл кезектешип отунун даярдап берген жана башка ушу сыяктуу иштердин баары тең Каба уулу Кожомкулдун демилгеси менен болгон.

Кожомкулдун демилгеси менен курулган мектеп адегенде 8 жылдык, андан кийин орто мектеп болгон, азыр анын ордуна Кожомкул айылында эки мектеп курулган, бири кичинекей класстар үчүн, экинчиси чоң класстар үчүн.[42] Мындан тышкары Кожомкулдун демилгеси менен 1925-жылы Бийназар уста экөө Жумгал менен Суусамырдын ортосундагы капчыгайда көк дайрада көпүрө салышканю.[43] Көк дайра деген Көкөмерен суусу, көпүрөнүн бири Кызылой айылынын жанында, экинчиси Бозтектирге чыга бериштеги Кептеш деген жерде. Албетте, жумушуна эл да жардамдашкан. Сабатсыз болгону менен көкүрөгү тунук Кожомкул Суусамырдагы айыл советинин биринчи төра-

гасы, колхоздун уюштуруучусу жана биринчи төрагасы болгон. Колхозго «8-март» деп, атын өзү койгон деген маалыматтар да бар. Элибиздин каарман уулу, Суусамыр жергесинде Совет бийлигин орнотууга активдүү катышкан, өз кезегинде партиялык жана советтик органдарда эмгектенип келген, болот булчуң, күч-кайраты адамды таң калтырган коммунист, активист Каба уулу Кожомкул балбандыгы жагынан жалпы кыргыз элине белгилүү тарыхый инсан десек жаңылышпайбыз. Балбан жөнүндө көптөгөн баяндар, аңыз кептер, көзү тирүү кезинде эле уламыштар айтылып, аты далайга угулган. Көп адамдарды кызыктырган Каба уулу Кожомкулдун боюнун узундугу эле. Кожомкул түзүлүшү жагынан И.Поддубный, И.Зоикин сыяктуу орус балбандарынан да зор болгон.[44] Ошондой болсо да, Кожомкулдун боюнун узундугу жөнүндө так маалыматтар жок экен, материалдарда ар кандай берилет. Бейшенбаев Султаназир 1942-1949-жылдары Кожомкул менен чогуу иштешкен, Кожомкул төрага болуп турганда, анын катчысы болгон. Акса-

калдын эскерүүсүнө караганда бою 2 метр 36 см[45] болгон дейт. Көптөгөн айыл аксакалдары анын ичинде өзүмдүн чоң атам Добулбаев Сапарбек да боюнун узундугун 2 метр 36 см, салмагы 165 кг, бут кийиминин размери 52 болгондугун ырастап эскеришти. Ф.Е.Байман менен В.П.Никулин жазган «Каба уулу Кожомкул – легендарный баатыр кыргызов» деген 1996-жылы чыккан китепте балбандын бою 197 см, салмагы 164 кг (1935-жылдагы көрсөткүч) деп көрсөтүлгөн. Манжаларынын узундугу 26 см, бармагынын жоондугу – 4 см, чыпалагынын жоондугу – 2 см.[46]

Совет мезгилинде «Демилге», «Советтик Кыргызстан», кийинчерээк «Кыргыз Туусу» гезитинин журналисти, Суусамыр айыл өкмөтүнүн «маданият үйүнүн» директору Жээнтай Абдиевдин макалаларында Кожомкулдун боюнун бийиктиги 2 метр 38 см, 216 кг салмагы, колунун шадыларындагы сөөктөрүнүн узундугу 26 сантиметр, бармагынын жоондугу 6 сантиметр, тырмагынын узундугу 3 см, далысынын ийинден ийинине чейинки аралыгы 76 см болуп, бутуна 52 см өлчөмдөгү

атайын тигилген бут кийимдерди кийген» деп[47] жазылган. Ошондой эле Шарыпкул Эсенгуловдун 2001-жылы жарык көргөн Кожомкул романында 2 метр 36 см боюнун узундугу, салмагы 165 кг деп кириш сөзүндө берилген.[48] Берилген материалдардын баарында бутунун размери 53 өлчөмдөгү атайын тигилген бут кийим деп бирдей берилсе, боюнун узундугу, салмагы боюнча бириники бирине дал келбей, так эмес, *өздүк ишинде* боюнун узундугу, салмагы көрсөтүлбөптүр.

Кыргыздын жеринде баатырлар көп болгон, алар жөнүндө аңыз кептер гана айтылып келген. Кожомкулдун артында болсо, ар ким өз көзү менен көрүп, колу менен кармалап көрүүгө боло турган «мурастар» калган. Аларга эл менен биргелешип салган 2 көпүрө, Кожомкул айылынын четиндеги Чаргымбайдын күмбөзү, ошол күмбөздө алаканынын изи калган, ошондой эле, көтөргөн таштары канча? Суусамыр өрөөнүнүн жайлоолорунда Кожомкул көтөргөн, жылдырган, кулаткан таштары чогултулуп, кийинчерээк музейге алынып келинген. Көтөргөн таштары-

нын салмактары, узун-туурасы ченелип такталган. Аларга токтоло кетсек. Биринчи көтөргөн ташы кайсы экени далил эмес, ар кайсы материалдарда ар кандай көрсөтүлгөн. Кожомкул 22 жашында Суусамыр өрөөнүндөгү, Арамза төрүндө бийиктиги 1 метр 60 см, жоондугу 1 метр 89 см ташты 100 метр аралыкка көтөрүп, жерге күч менен уруп киргизген, эл бул ташты «Кожомкулдун» ташы деп атайт.[49] Кийинкисин 1906-жылы көтөргөн ташынын узундугу 1,57 см, айланасы 107 см, бул таш 1965-жылы ченелген.[50] Ал эми 1924-жылы көтөргөн ташын 1961-жылы Кыргыз Мамлекеттик Дене тарбия институтунун студенткасы Эмалиева Нургул илимий ийримде Суусамырда болуп, ташты үч жерден ченеп, жоондугун 203 см, 177 см, 155 см деп жазган, ал эми узундугун 147 см деп берген. Чаргымбайдын күмбөзүнүн жанына ат мамы болсун деп, шар аккан суунун жээгинен ташты 5 чакырым алыстыктан көтөрүп келип орноткон. Таштын салмагы 300 кг.[51] Арамза жайлоосунда 1927-жылы көтөргөн ташын мүрзөсүнүн жанына алып келип коюшкан.

Таштын салмагы 680 кг. Төмөндө айтылган Чаргымбайдын күмбөзүнүн жанындагы ат мамы болсун деп көтөрүп келген ташынын бийиктиги – 1 метр 60 см ортосунан ченегени 1 метр 70 см, өйдө жагынан ченегенде 1 метр 60 см, таштын курчаганда 1 метр 89 см. Ташта араб тамгалары менен төмөндөгүдөй жазуу бар: «Бул ташты 1910-жылы Каба уулу Кожомкул көтөрүп келип койгон».

Жоожүрөк жайлоосундагы Көөртоорунун өзөнүндөгү Кожомкулдун атасы Каба өйдө көтөрүп, ары жылдырып таштаган ташын, баласы Кожомкул кийин так көтөрүп, 10-15 метр ары алып барып, акырын жерге койгон, бул таш ченелген эмес, бирок чоңдугу тай торпоктой бар го. Бөйрөктө узундугу 1,5 метр, туурасы 1 метрдей келет, тикесинен коюлган.

Дагы бир көтөргөн ташынын салмагы 635 кг, жоондугу 1,7 метр, бийиктиги 1,6 метр болгон.[52] «Кожомкулдун ташы» аталган таштар Суусамырдын Кеңсуу, Бөйрөк, Жоожүрөк аттуу жайлоолорунда, ошондой эле Кетментөбө өрөөнүндө бар.[53] Мындан тышкары ат (жылкы) кө-

төргөнү жөнүндө да маалыматтар бар. Алардын бири ошол убактагы Кожомкул менен күч сынашкан Абрахман балбандын баяны. Абдрахман балбан Жумгалдан болот. Жалпыбызга белгилүү Абдылда Белеков «Советтик Кыргызстан» газетасына жарыялаган «Элдик баатыр баяны» аттуу макаласында Абдрахман балбан менен Кожомкул экөөнүн эки жолу эңишке түшкөнүн. Ал убакта Кожомкул Башкуугандыда айылдык кеңешке төрага болуп иштеп турган чагы экен. Андан бир топ жыл өткөндөн кийин Чаекте 1-маймайрамында экөө эңишке түшпөйбүз деп чыгышат, анда ат (жылкы) көтөрүшкүлө деп байтал жетелеп келишет. Абдрахман балбан 3 кадам басат, Кожомкул 12 кадам басып, барып жерге койгондугун Абдрахман өзү айтып берген.[54] Мындан тышкары, ашуудан көтөрүп өткөн деген аңыз кептер да көп, гезит-энциклопедия, адабияттарда бул тууралуу так маалыматтар берилген эмес. Абдылда Белековдун «Кожомкул» дастанында Кожомкулдун Умар ашуудан атын көтөрүп өткөндүгү жөнүндө өзүнөн угуп, жазгам деген. Манасчы Ка-

ралаев Саякбайдын үйүнөн таанышып, ошол жерден кызыккан суроолорума жооп алгам деп жазган.[55]

Ошондой эле С.Иманкуловдун макаласында (8-март орто мектебинин, тарых мугалими, эмгектин ветераны) төмөнкүдөй маалымат берилген: «Агай өз көзү менен көргөндөрү жөнүндө жазган. Каардуу 1943-жылдын күз айы. Согуштун кызуу жүрүп жаткан жылы. «Бардыгы фронт үчүн», «Бардыгы жеңиш үчүн» деген ураанга кошулушкан суусамырлыктар да фронтко май, жылуу кийим, эгинди Чаекке ат менен өгүз менен эки кошуп жеткирчүбүз. Анда агай 13 жашта экен. Ошол эгиндерди чалдар, балдар ташычу. Кожомкул айыл кеңешинин төрагасы. Арпа бышканда эгинди тарта баштачу. Капчыгайдын башындагы суудан Кожомкул өзү кечиришип, кыялардан өткөзүшүп коюп кайтар эле деп эскерет С.Иманкулов. Агайдагы бир окуя жөнүндө жазат: Бир жолку рейсте Сейиттин Уранке ыйынын маңдайындагы (азыркы көпүрө турган жер) кескен таштан унааларды өткөрүп жатканда, бир кашка бээ учуп, эки кап арпасы

менен суунун жээгинде кулап түштү. Арка мойну үзүлүп жан берди. Чалдар менен балдар чакалап арпаны жолго чыгардык. Бээни ордунан кыймылдата албай койдук. Аңгыча артта узатып келе жаткан Кожомкул, дайыма минип жүргөн чулук кулак боз бээ менен жетип келди. Дароо ээр токумун алып, чапан-тебетейин таштын үстүнө коюп, аркан менен бээнин белин байлап, күч менен тартып, жээке чыгарып, «мына эми аксакалдар бээни союп, этин жол азык кылып алгыла» деп айылды карай жөнөдү. Аткарып жатканда гана өтүгүнүн таманы ыдырап кеткенин көрдүк. Өтүктү Данияр деген аксакалга берип, жылмайып туруп, «Данияр, өтүктү Бийназар доско берип, оңдото кел» деп атын жылаңайлак минип кетти» – деп берилген.

Мына ушул сыяктуу айтып, жазып отурса түгөнгүс урунттуу окуялары көп, омоктуу ойлорду камтыган макалалар жарык көргөн. 1989-жылы Каба уулу Кожомкулдун 100 жылдык тою өткөрүлөт деп гезит, журнал беттеринде Каба уулу Кожомкул жөнүндө көптөгөн макалалар

жарык көргөн. Алардын ичинен «Ленинчил жаш» гезитинин атайын кабарчысы Т.Чалов Суусамыр өрөөнүндөгү Кожомкул атындагы айылда 26-июлй күнү болуп өткөн «Кожомкулдун 100 жылдык тоюнда» деген чакан макаласы 1989-жылы 1-августта жарык көргөн. Анда төмөндөгүдөй жазылган: «Элибизде той болор, тойдун эртеси да болор» деген кеп бар. Ошонун сыңары мына ак калпак кыргыз элинин атактуу балбаны, Суусамыр өрөөнүн колхоздоштурууга активдүү катышкан советтик кызматкер Каба уулу Кожомкулдун 100 жашка толгондугуна арналган салтанаттуу той болуп өттү. Бул тойду элибиз жаш-кары дебей эки жылдан бери чыдамсыздык менен күткөн. Ошентип, 26-июль ансыз да көркүнө чыгып, кулпуруп турган Суусамырды респуликабыздын чар тарабынан келип, 20 миң чамалуу киши ого бетер шаңга бөлөп жиберди. Каз катар тигилген аппак боз үйлөр, анын айланасында кызыл-тазыл кийинген эл, алчактата бастырган жигиттер адеми көрүнүп, көз жоосун алат. Тойдун ачылышына арналган чакан митинг балбандын

күмбөзүнүн бет маңдайына жаңы орнотулган айкелинин астында ачылды. Кожомкул балбанды эскерүү жаңы ачылган үй музейинин астында улантылды. Мурда көрүнгөн жерде кароосуз жаткан алп атабыз көтөргөн таштардын музейдин алдына алынып келингени кимди болбосун кубантпай койбойт. Кожомкул балбандын таштарынын арасында салмагы 1 тонна 200 кг ташы турган.

Митингден соң эл улуттук оюн-зоок өтүүчү жайыкка бет алышты. Жайык кадимки кумурсканын уюгун эске салат.

Жалаң этине жеңил чапан, же спорттук костюм кийген балбандар, билегин карысына чейин түрүп салып, көрпөчөсүн бөктөрүнүп, жалаң ээрде кыт куйгандар зыңкыйган кең далылуу эңишчилер, оozдугун кычырата тиштеп, табына келип, таң ашкан күлүктөрдүн тизгинин кагып коюп, ары-бери бастырган чабандестер, сооруcуна суу куйсаң чайпалбаган жоргосун байлаган саяпкерлер өз өнөрүн чогулган элге көрсөтө баштады.

«Эл ичи – кенч» деген кептин нукура экенине дагы бир жолу ушул жерден

ынанасың. Бул күнү Кожомкулдай балбандын тоюнда эл алдына чыгып, намыс алып, калктын батасын алсам деп үмүт менен келген, булчуңдары буркуйган не бир балбанды көрүп көз кубанат. Алардын көбүн эл өңүнөн таанып, өз атынан эмес, калк ичине тараган балбандык аты менен чакырганы да ата салты, калк каадасы эмеспи. Оштон келген Тапанча палван, Акталаадан Шер балбан, Ысыккөлдөн Чапкан балбандар көрүүчүлөрдү курсант кылып, улуттук күрөштүн не бир сонун ыкмаларын, салмактары жүз килодон ашык, болбосо да, шамдагайлыкты, эң негизги балбандык айкөлдүктү көрсөтүштү. Күрөштө биринчи орунда Ош областынын өкүлү С.Орозбеков (Аюу палван) ээлейт.

Андан соң соорусун күнгө жалтылдатып жорголор чыкты сорунга. Не бир чүрөктөй сулуу жорголорду көрүп эл ичинде ат кадырын билген, салт кадырын унутпаган адамдарга ичинде купуя ыраазы болосуң. Жорголордун аттары не бир сонун угулат кулакка, «Ак жал», «Кара кер», «Кашка ат», «Орлик», болгону жор-

го болсо жорго, күлүк болсо күлүк деген сөз уланат этегине. Ошентип, кыргыз элинин кылымдап көңүлүн ачкан оюндары уланып жатты.

Тойдун программасы боюнча маараке эки күнгө созулуп, ат чабыш, тыйын эңмей, жамбы атуу жана башка көптөгөн оюндар эртең өтүүгө пландаштырылганына карабай, «Борбордон «бүгүн бүтүргүлө» деген көрсөтмө келиптир», – деди Манас районун спорт комитетинин төрагасы Чубак Каралаев. Элдин баарына той эки күнгө созулат деп кабар берилген. Эми уюштуруучулар калайыкка кантип жооп беришер экен.

Чубактын айтканы төп келип башы ырааттуу башталган тойдун аягы тополоңтоз түштү да калды. Бир эле убакта ат чабыш, эр эңиш башталып, анын үстүнө телеберүүдөнбү же документалдуу кино үчүнбү театрлаштырылган жасалма оюндарды тартып, анык кымгуут башталды. Бул иш бизде дагы эле массалык оюн-зоок өткөрүүнү билбей турганыбызга, административдик-командалык башкаруудан кол үзө албай келе жатканыбызга анык күбө

болуп калды.

Болбосо, өткөн жылга пландаштырылып, белгисиз бир себептер менен өткөрүлбөй калып, эки жылдан бери даярдалган тойдун ишине обу жок кирише бербей, уюштуруунун эки тизгин, бир чылбырын бири мойнуна алган партиянын, комсомолдун Жумгал райондук комитетинин, эл депутарынын райондук советинин колуна ишенип берүүгө болбойт беле деп макала жарык көргөн.[56]

Кийинки макала: «Бул торколуу той жакында балбан туулуп өскөн Суусамыр өрөөнүндө өткөрүлдү. Мына Каракол өзөнүн бойлото созулуп жаткан өрөөндүн кире беришиндеги көк жайык атайын курулган театр аренасы, сыяктуу көрүнөт. Бөксө тоонун этегине, көк өзөндүн жээгине тигилген жумурткадай жумуру аппак боз үйлөр көргөндүн көз кумарын кандырат. Ал эми тоонун жан бооруна байланып отуруп алып, төмөн жакка көз чаптырсаң, кыбыраган кыймыл алаканга салгандай, көзгө даана тартылып, өзүнчө эле бир табигий театрда олтургандай сезим кубанычка бөлөйт.

Мына ушундай алп адам дүйнөлүк аренага чейин болсо, жер жүзүнө өнөрүн таанытып, алп жазуучу Ч.Айтматов оор атлетчилердин чолпон жылдызы Каныбек Осмоналиев сыяктуу өзү да, даңкталып, элин да дүйнөгө даңктап, сыймыктантпайт беле. Ошентип, балбандын 100 жылдыгын белгилөөгө арналган оюн-шооктор да башталды. Бул атактуу юбилейдин көркүн чыгарган мелдештердин бири эркин күрөш болду. 48 кг дан баштап, 100 кг дан ашык болгон салмакка чейинки 9 салмактык категориядагы балбандардын мелдеши көрүүчүлөрдүн көңүлүн эргитти.

Мына эларалык класстагы калыс Карыппай Сарымсаков, (КМУ, окутуучу) Кожомкул атындагы байгени жеңип алуу үчүн өткөрүлгөн алгачкы мелдештердин бир нече жолку чемпиону Савыр Усупов, Н.К.Крупская атындагы мектеп-интернаттын мугалими Жекшен Карагулов, баш болгон калыстар тобу балбандарды күрөштүрүш үчүн килемге  чакырып, өнөрлөрүн сынап жатышты. 48 кг салмак боюнча алгачкылардан болуп күрөшкө чыккан Киров районунан келген Жайлообаев, Жум-

галдык Ниязалиевди жеңип, мелдешти андан ары улантууга укук алды. Ушул эле салмактагы суусамырдык балбан Осмонкулов Ленинполь районунан келген Жолчубеков менен күч сынашып өзүнүн карылуулугун көрсөттү. Мелдеште жеңген балбандар көп болгондуктан, биринчи таймашта жеңилип калгандар калыстардын чечимине ылайык, андан аркы мелдешке катыштырылган жок.

Оор салмактагы балбандардын таймашы өзгөчө кумар кандырып, спорттун бул түрүнүн ышкыбоздорун ыраазы кылды. Бурку йган булчуңдары бөлүнүп көрүнүп, өйдө-ылдый кыймылы шоктоно ойноп, тер баскан денелери күнгө чагылышып, жылтылдайт. Ош тараптан келген Узалов, эл ичинде Тапанча деген ат менен белгилүү балбан менен Ысыккөлдөн келген Соловьевдин таймашуусу узакка созулбай, көлдүк балбандын пайдасына чечилиши жарданып карап турган көп сандаган ышкыбоздорду өкүттө калтырды.

Өз учурунда Кожомкул атындагы байгени жеңип алуу үчүн өткөрүлгөн алгачкы мелдештердин чемпиону болушкан

ардагер-балбандар – Келдибеков, Урусов, Абдырахманов, Мотоев жолдоштор да күч сынашып жаткандардын кыймыл-аракеттерин кылдат байкашып, ким кандай жаңылыштык кетиргенин өз ара сөз кылып олтурушту. Атактуу балбандын 100 жылдыгына арналган күрөш боюнча мелдешти акыркы жыйынтыгында Ленинполй районунан келишкен К.Курманбеков, С.Болотбеков, Б.Сатымкулов, А.Жумалиев, Киров райондук балбан Ж.Шамшидин жана Фрунзе шаарынан А.Туйтиев, М.Мураталиев, К.Молдоев, Токтогул районунан келген оор салмактагы А.Орозбеков өз салмак категориялары боюнча мелдештин чемпиондору болуп калышты. Мындан тышкары, улуттук оюндардын көп түрүнөн мелдештер өткөрүлдү. Алардын ичинен ат чабыш, жорго салыш, эр эңиш, тыйын эңмей сыяктуу оюндар тойго келгендерди кайдыгер калтырган жок.[57]

Тойдун уюштурулуш жагдайында бир ооз сөз козгой кетсек. Улуттук сыймыгыбыз болгон атактуу балбан жашап өткөн аймак ошол кезде Ысыккөл областынын Жумгал районуна караган. Кожомкул айы-

лындагы эки бөлмөдөн турган музейди Жумгал районунун өкүлдөрүнүн жетекчилиги астында комсомолдор курушкан. Азыр музейди Суусамыр айыл өкмөтү көзөмөлдөйт. Ошол мезгилде Жумгал районунун биринчи секретары Ормон Шаршенов болгон, өзү башында туруп, келген-кеткендерди түздөн-түз жетектеген.

Ошондой эле, Кожомкул айылында Кожомкулдун таштан чегилген эстелиги ачылган, балбандын ташты көтөрүп турган турпатын жана ат көтөргөн элесин жандуу чагылдырган эстелигин скульптор С.Жолобаев жасаган. Мындан тышкары, Жумгал районунун комсомолдору тарабынан Кожомкулдун үйүнүн жанына эки бөлмөдөн турган музейи курулган. Музейде Кожомкулдун кийим кечеси, колдонгон буюмдары: сокосу, ээри, тамак ичкен идиши жана башка буюмдары топтолгон. Негизинен музейди Суусамыр айыл өкмөтү жана Кожомкулдун үйбүлөсү, тагыраак айтканда, небере-чөбөрөлөрү карайт. Ошондой эле, төмөндө айтылгандай эле музейдин алдында көтөргөн таштары жайлоолордон чогултулуп келинген.

Жыл сайын Кыргыз Республикасынын спорттук Күрөш федерациясынын чечими боюнча Каба уулу Кожомкулдун элесине арналып эркин күрөш боюнча мелдештер өткөрүлөт. Бул эларалык мелдештерге Россия Федерациясынан, Кавказдан, Орто Азия республикаларынан жана Казакстандан балбандар келип катышышат. Эң биринчи жолу Каба уулу Кожомкулдун элесине арналып өткөн эркин күрөш боюнча мелдеш Совет доорунда болгон.

Кыргыз ССРинин Дене тарбия жана спорт боюнча комитетинин Күрөш федерациясы 1961-жылы жана 1962-жылы эркин күрөш боюнча «Каба уулу Кожомкул» атындагы байге белгилеп, ал байге үчүн бүткүл союздук мелдеште биринчи жолу жеңишке ээ болгондордун арасында кыргыздын спортчулары Н.Сулайманов, Бараканов, А.Таранов, Д.Бекмамбетов, Торопчин болгон. Кожомкулдун байгесине ээ болгондордун арасында бүткүл Союзга даңкы чыккан балбандар да аз эмес. 1964-жылы оор салмактагы категориясында жеңип алган СССР элдеринин Спартакиа-

дасынын чемпиону СССРдин Кубогун жеңип алган, эларалык ар кандай турнирлердин чемпиону казактын балбаны Абылсеит Айханов болду. Ал эми кыргыздардын таланттуу балбандарынын бири Жеңиш Доңбаев Кожомкулдун байгесин алты жолу жеңип алган. Нечен жолу байгеге ээ болгондордун арасында Руслан Искенов, М.Коступоло, А. Мишуров, В.Воркушин жана башкалар бар.

Эркин күрөш өзүнүн техникалык мазмуну боюнча кыргыз элинин улуттук оюну «Күрөшкө» жакын. Кыргыздар күчтүү уулдарын өтө жогору баалашат, элдик баатырлардын эстеликтерин ыйык тутушат. Элдик балбан Каба уулу Кожомкулду жаштар жана кары аксакалдарыбыз билишет жана жогору баалашат.

Каба уулу Кожомкулдун элесине арналып 1962-жылы Фрунзе шаарында (азыркы Бишкекте) эркин күрөш боюнча биринчи турнир өткөрүлгөн, бул турнирге Орто Азия республикаларынан, Казакстандан жана Россия Федерациясынан балбандар келип катышышкан.

Ошол мезгилден тартып турнир жыл

сайын өткөрүлөт, жылдан жылга турнирдин даңкы артууда. 1975-жылдан тартып кыргыз балбаны Каба уулу Кожомкулдун элесине арналган турнир – бүткүл союздук деп белгиленген, андан кийин 1992-жылы бул турнир – эларалык деп өткөрүлүүдө. Кожомкул атындагы мелдеште СССР элдеринин спартакиадасы, Европа, Дүйнөлүк чемпионаттарда такшалышкан: Р.Искенов, Н.Сулайманов, Ж.Доңбаев, М.Сапаров, П.Толстокулаков, А Мишуров, К.Омуралиев жана башкалар өзүлөрүнүн чеберчиликтерин көрсөтүштү.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй турнирлер жыл сайын өткөрүлүүдө. Ал эми кийинки жакында эле өткөрүлгөн турнирлерден мисал келтирсем, 2001-жылы 30-июнӥ – 1-июль күндөрү Каба уулу Кожомкулдун элесине арналган 40-эларалык турнир өткөрүлгөн. Мелдеш Бишкек шаарында Каба уулу Кожомкул атындагы Спорт сарайда өткөрүлгөн.

В.И.Ленин атындагы Спорт сарайды Каба уулу Кожомкул атындагы Спорт сарай деп которуу жөнүндө Кыргыз Рес-

публикасынын өкмөтүнүн  чечими 1993-жылы 2-мартта бекитилген. В.И.Ленин атындагы Спорт сарайдын аренасында 1961-жылдан тартып «Каба уулу Кожомкул» атындагы бейгеге эркин күрөш боюнча эларалык турнирлер өткөрүлүп келүүдө.  Кыргыз элинин легендарлуу балбаны Каба уулу Кожомкулду туулгандыгынын 105 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын өкмөтү буйрук чыгарат: В.И.Ленин атындагы Спорт сарайга Каба уулу Кожомкул атын берүү боюнча. Ошондон тартып: Каба уулу Кожомкул атындагы Спорт сарайы деп аталууда.

40-эларалык Каба уулу Кожомкул атындагы турнирге баардыгы 73 адам катышкан. 2 килемде өткөрүлгөн. Спортчулардын бирөө МСМК, 28 Спорттун мастери, 44 спорт чеберлигине кандидат  Казакстандан, Өзбекстандан келип катышышкан. Россия жана Иран өлкөлөрүнүн командалары катыша алган эмес, себеби өлкөдө өткөрүлгөн башка мелдештер менен  күнү дал келип калган.

40-эларалык  турнирдин жеңүүчүлөрү төмөнкүлөр болгон:

**Салмактык категория боюнча I орунга ээ болгондор:**

1. Доңбаев Нурдин;
2. Табалды уулу Сүймөнкул;
3. Муратов Жахонгир (Өзбекстан);
4. Табалдин Данияр (Казахстан);
5. Суйменкулов Руслан;
6. Эргешов Алмаз;
7. Филипповский Дмитрий;
8. Ниязов Соодан.

**II орунга ээ болгондор:**

1. Тууганбай уулу Уларбек;
2. Надырбек уулу Улан;
3. Кеңешбек уулу Асланбек;
4. Халдаров Нуршид (Өзбекстан);
5. Чомоев Жылдызбек (Ош шаары);
6. Утегелов Руслам (Өзбекстан);
7. Будунов Магамед;
8. Джанаев Таалай.

Ал эми 2002-жылы Бишкек шаарындагы 3-5-майда балбандын 113 жылдыгына карата Каба уулу Кожомкул атындагы Спорт сарайда эркин күрөш боюнча турнир өттү жана *Эркин күрөш федерациясынын* демилгеси менен эркин күрөш боюнча эларалык турнир болуп өттү.

Мелдеш төмөнкүдөй салмактык категория боюнча өткөрүлүүдө: 55, 60, 66, 74, 84, 96 жана 120 кг.

Бул турнирге Кыргыз Республикасынын, КМШ өлкөлөрүнүн спортчулары катышышты. Эларалык турнир FILAнын эрежелеринин негизинде өткөрүлгөн. *Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик комитети* каржылады. Медалдарды жана байгелерди *Кыргыз Республикасынын эркин күрөш федерациясы* даярдаган. «Каба уулу Кожомкулдун» элесине арналган 41-эларалык турнирдин жеңүүчүлөрү төмөнкүлөр:

**55 кг салмактык категория боюнча:**
I орунга Доңбаев Нурдин,
II орунга Тууганбай уулу Уларбек,
III орунга Астанадан келген спортсмен Серикбаев Газиз ээ болушкан.

**60 кг салмактык категория боюнча:**
I орунга Надырбек уулу Улан,
II орунга Мадилов Руслан,
III орунга Сарыбаев Роман ээ болушкан.

**66 кг салмактык категория боюнча:**

I орунга Алматыдан келген Денгелбаев Берик,

II орунга Карагандадан келген Мамцелидзе Иосиф,

III орунга Нарындан келген спортчу Таабалды уулу Сүймөнкул ээ болушкан.

**74 кг салмактык категория боюнча:**

I орунга Жекшенов Талант

II орунга Таластан келген Мырзакан уулу Алимухамед,

III орунга Манапбаев Улан ээ болушкан.

**84 кг салмактык категория боюнча:**

I орунга Алматыдан келген Бидайшев Баурхан,

II орунга Тараздан келген Босталов Исмаил,

III орунга Актаудан келген Кузнецов Егор ээ болушкан.

**96 кг салмактык категория боюнча:**

I орунга Усткамдан келген Темирбаев Дамир,

II орунга Будунов Магомед,

III орунга Мустапаев Урмат ээ болушкан.

**120 кг салмактык категория боюнча:**
I орунга Таджикстандан келген Бахрамов Шади,
II орунга Өзбекстандан келген Утегелов Руслан ээ болушкан.

Ошентип, кыргыз элинин улут сыймыгы болгон Каба уулу Кожомкулдун элесине арналган турнирге кыргыздын спортчу уулдары гана катышпастан, Орто Азия жана Казакстан, Россия Федерациясынын спортчулары да катышууда. Каба уулу Кожомкул XX кылымдын алпы, балбаны болгон. Кыргыз Республикасына белгилүү спорттун ветераны, профессор Филипп Байман «Каба уулу Кожомкул – легендарный баатыр кыргызов», «Человек с железными мускулами» деп жазгандыгы бекеринен эмес. Каба уулу Кожомкул өзү жашаган Социалисттик Кыргызстанды курган жана анын келечегине ишенген. Ал эми Кожомкулдай тарыхый инсандарыбыз жөнүндө билүү, өзүбүздүн өткөн тарыхыбызды баалоо, сыйлоо, демек, келечекке ишенимдүү кадам таштоо.

# КОРУТУНДУ

«Тоодо туулуп тоо койнунда өсүптүр,
Ашуулардан ат көтөрүп өтүптүр.
Бирок Кукен, бүтдүйнөлүк спортко,
Бир да жолу катышпастан кетиптир»,

– деп, белгилүү акын Байдылда Сарногоев жазгандай Каба уулу Кожомкул, өзүнүн замандашы казактын белгилүү балбаны Кажымукан сыяктуу дүйнөнү кыдырып, кыргыз элин даңазалай алган эмес. Бирок ошентсе да, кыргыз элинде Каба уулу Кожомкул балбан, алп мүчөлүү, эбегейсиз зор күчү менен кеңири белгилүү. Улуттук оюндардын күрөш, эңиш, эр сайыш, ат оюндарында эч кимге алдырбаганы, көтөргөн таштарынын салмагы, көлөмү боюнча эл оозунда калган баатыр.

Бул иште биз Кожомкулдун көтөргөн таштарынын көлөмүн, салмагын тактоого аракет кылдык. Кожомкулдун көтөргөн таштарын дүйнөдө азырынча бир да балбан көтөрө элек. Кожомкулдун сырткы келбети жөнүндө да эл арасында ар кандай апыртылган кептер айтылып

келүүдө. Биз тактаган маалыматтарга таянсак, Кожомкулдун бою 2 метр 36 см, салмагы 165 кг болгон. Ошондой эле Каба уулу Кожомкулдун туулган жылы боюнча да талаш тартыштар кездешет. Архивдик материалдарга, өздүк ишиндеги маалыматтарга таянуу менен Кожомкулдун 1889-жылы төрөлгөнүн тактадык.

Кожомкулдун эл арасында балбандык өнөрү жөнүндө көптөгөн уламыштар айтылат, ал эми анын жашоосундагы кээ бир окуялар жөнүндө элдин кабары жок. Мисалы 1930-жылдардагы массалык репрессияга Кожомкулду да тартууга аракет кылышкан. Бирок ишинен эч кандай кынтык таба алышпай, партиянын мүчөлүгүндө калтырышкан. Бул иштин 1932-жылы болгонун тактадык.

1961-жылы Кыргыз ССРинин Спорт жана дене тарбия комитетинин чечими менен Каба уулу Кожомкулдун элесине арналган эркин күрөш боюнча турнирлер өткөрүлө баштаган. Жыл сайын өткөрүлгөн турнирлер, 1975-жылы бүткүл союздук деңгээлге жеткен.

1992-жылдан тартып Каба уулу Ко-

жомкул атындагы сыйлыкка өткөрүлгөн турнирлер эларалык болуп бекитилген. Бул турнирди өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Туризм, спорт жана жаштар саясаты комитетинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын көзөмөлү астында өткөрүлүүдө. Бул эларалык мелдешке Россия Федерациясынын, Кавказдын, Орто Азия жана Казакстандын спортчулары катышууда.

Кожомкулдун ысмы кылымдар бою даңкталары шексиз. Дүйнөлүк спортко өзү катышып, кыргыз элин даңазалай албаса да, анын аты кыргыз спортунда түбөлүк калууда жана урпактары улантууда. Буга дагы бир мисал, 1974-жылы октябрü айында ишке берилген Спорт сарайы, адегенде В.И.Ленин атындагы, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнө жетишиши менен өкмөт тарабынан 1993-жылы Каба уулу Кожомкул наамын алса, 2002-жылдан баштап, «Каба уулу Кожомкул атындагы мамлекеттик спорт жана маданият борбору» болуп которулду.

Кожомкул балбандык өнөрүнөн тышкары да, төмөнкүдөй кызматтарды да кошо

ала жүргөн. 1921-1929-жылдары Суусамыр кедейлер комитетинин төрагасы, 1930-жылы Карабалта райондук жер бөлүмүнүн башчысы, 1931-49-жылдары Суусамыр, Кайырма, Көкөмерен, айыл советинин аткаруу комитеттеринде төрагалык кызматтарда иштеген.

1948-жылы персоналдык пенсияга чыгып, «Победа» колхозундагы жылкы фермасынын башчысы болуп, өмүрүнүн аягына чейин иштеген.

Каба уулу Кожомкул 1955-жылы, күз айында каза болгон.

Кожомкулдун элине өтөгөн эмгеги өкмөт тарабынан бааланып, 1929-жылы партияга мүчө болуп кабыл алынган. Мындан тышкары, Эмгек Кызыл Туу орденине, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президимумунун Ардак грамотасына 4 жолу татыктуу болгон. 1941-жылы Нарын областтык спортунун грамоталары менен сыйланган.

Кожомкулдун өмүрү, анын күжүрмөн эмгеги, ишмердүүлүгүндөгү жана балбан күрөшүндөгү жеңиштери кыргыз элинин арасында эч качан унутулбай, дайыма айтылып жүрө берерине ишенебиз.

## Колдонулган адабияттар


**Булактар:**

*Өздүк иш.* Кабаев Кожомкул. Фонд 77, ОП. 4, д. 63.

**Адабияттар:**

*Аттокуров С.А.* Кыргыз санжырасы. – Б., 1995;

*Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2001;

*Байман Ф.Е., Никулин В.П.* Каба уулу Кожомкул – легендарный баатыр кыргызов. – Б., 1996,. – 64 б.;

*Байман Ф.Е., Никулин В.П.* Человек железными мускулами. – Ф., 1967. –796-798 б.;

*Белеков А.* Кожомкул (Дастан). – Ф., 1988;

*Иманалиев Ш.* Эстен кеткис элестер. – Ф.: «Кыргызстан», 1985;

Кыргыз ССР тарыхы. II т. – Ф., 1973;

Кыргыз Совет энциклопедиясы. III т. – Ф., 1978;

*Саралаев М.К.* Кожомкул. (Очерк). – Ф., 1984;

Нарын энциклопедиясы. – Б., 1998.

## Мезгилдүү басмасөз каражаттарына чыккан макалалар:

*Абдиев Ж.* Кожомкулдун күчү жана күмбөзү: Кожомкул балбан жөнүндө // Кыргыз Туусу, 1999, 5-7-янв.;

*Абдиев Ж.* Таштан эстелиги чегилүүдө (Каба улуу Кожомкулдун 100 жылдыгына карата) // Советтик Кыргызстан, 1988, 16 -июль;

*Белеков А.* Элдик балбан баяны //Советтик Кыргызстан, 1989, 14- апр.;

*Боромбаев К.* Кожомкулду эскерели (Суусамыр өрөөнүнөн чыккан балбан Каба уулу Кожомкул) // Советтик Кыргызстан. 1998, 14- апр.;

*Бугубаев Б., Сартов Ш.* Кожомкул балбан // Кыргыз Туусу, 1998, 31-июль– 3 авг., № 87-88;

*Вильчинский В.* Кожомкул алп. Фото репортаж//Кыргызстан маданияты, 1969, 13-авг. № 33. 11-б.;

*Иманкулов С.* Өз көзүм менен көргөмүн.- (Балбан Каба уулу Кожомкулдун 100 жылдыгына карата эскерүү) //Демилге, 1988, 9 июнь;

*Касымбеков Н.* Кожомкул балбан жөнүндө

(Өзгөн «Кызыл-Тоо» орто мектебинин окутуучусу Э. Рахмановдун суроолоруна жооп) //Ленинчил жаш, 1963, 30-май. № 64, 4-б.;
*Касымбеков Н.* Балбандар баяны. Кыргыз балбаны Кожомкулдун туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата // Ленин Туусу, Талас. 1988, 10-авг.;
Каба уулу Кожомкул 100 жылдыгына карата макалалар //Советтик Кыргызстан, 1988. 23-март;
Каба уулу Кожомкул (Эскерүү) //Эркин Тоо, 1999, 19-март;
Каба уулу Кожомкул – тарыхый инсан // Кыргыз Туусу, 2000, 24- 27 март., 4-6- апр.;
*Кожомкулов М.* Даңктаганыбы же маскаралаганыбы? // Советтик Кыргызстан, 1988, 16-июль;
*Кутманалиев Э.К.* Кожомкулдун 100 жылдыгы //Советтик Кыргызстан, 1989, 7-июлü;
Каба уулу Кожомкул – улут сыймыгы. Каттарга баяндама //Советтик Кыргызстан. 1988, 16-июль;
*Мамбетсеитова З.* Намыска туулган эр // Элдик трибуна, 1981;
*Өскөнов Т.* Кожомкул балбанды эскерип //Советтик Кыргызстан. 1989, 4-авг.;
*Саралаев М.К.* Балбан жөнүндө баян //

Советтик Кыргызстан, 1989, 7-июль;
*Садыбакасов Н.* Кожомкулдун сөзү //
Кыргызстан маданияты, 1989, 20-июль;
*Токтосунов М.* Алп кишини эскерип //
Кыргызстан маданияты, 1974, 4-июль;
*Чалов Т.* Кожомкулдун тоюнда //Ленинчил жаш. 1989, 1-авг.

## Адабияттарга шилтемелер

[1] *Белеков А.* Кожомкул. – Ф., 1957, 76-88 б.

[2] *Шмеев С.* Каба. – Ф., 1967.

[3] *Эсенгулов Ш.* Кожомкул. – Б., 2001.

[4] *Саралаев М.* Кожомкул. – Ф., 1984.

[5] *Иманалиев Ш.* Эстен кетпес эпостор. – Ф., 1985.

[6] *Рыскулов С.* Балбандар. – Ф., 1970.

[7] *Байман Ф.Е., Никулин В.П.* Человек с железными мускулами. –Ф., 1967.

*Ошолор эле.* Каба улуу Кожомкул – легендарный баатыр кыргызов. –Б., 1996.

[8] *Аттокуров С. А.* Кыргыз санжырасы. – Б., 1995.

[9] Кыргыз совет энциклопедиясы. 3 том. СР. 1978. 296 б.

[10] КР БАрхиви. Фонд. 2813, ОП. 1, д 298.

[11] КРСДА Фонд. 77, ОП. 4, д 63.

[12] КР Фонд.77, ОП 1, д.63. 6 – б.

[13] *Жусупов К.* Каба улуу Кожомкул/Тарыхый инсан // Кыргыз Туусу. – 2000. 24-27-март, 4-6- апр.

[14] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы. – Б.: Кыргызстан, 1995; 1989.
[15] *Аттокуров С.* Кыргыз санжырасы. – Б.: «Кыргызстан», 1995.
[16] *Саралаев М.К.* Кожомкул (Очерк). – Ф., 1984.
[17] *Саралаев М.К.* Кожомкулду эскерели // Советтик Кыргызстан. – 1987, 24-нояб.
[18] *Сулайманов А.* Балбан менен баарлашкан (Белгилүү адам жөнүндө белгисиз дарек) // Советтик Кыргызстан. 1991, 19-20-янв., № 15-16.
[19] Балбан менен баарлашкан. Белгилүү адам жөнүндө белгисиз дарек (Абдрасул Сулайманов ардагер, юрист) // Советтик Кыргызстан. 1991, 19-20-янв.
[20] *Ырыскулов Сардарбек.* Кимиси балбан, «Кожомкулбу же Бөлтүрүкпү»? //Жаш Ленинчи, 1966, № 7, 34-35-б.
[21] Бей*шенбаев Султаназир.* Каба уулу Кожомкул. // Эркин Тоо. 1999, 19-март.
[22] *Молдокулов Б.* Каба уулу Кожомкул // Кыргыз Туусу. - 2000, 21-24-25-27-апр.
[23] *Белеков А.* Советтик Кыргызстан // Элдик балбан баяны. – Ф., 1988, 14-апр.
[24] *Белеков А.* Советтик Кыргызстан // Элдик балбан баяны. 1988, 14 – апр.
[25] Кыргыз ССР тарыхы II том.121-б. – Ф., Кыргызстан басмасы. 1973.
[26] Ошол эле. 123-б.

[27] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2002. 282-б.

[28] *Байман Ф.Э., Никулин В.П.* Каба уулу Кожомкул. – Легендарный баатыр кыргызов. – Б., 1996.

[29] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. –Б., 2001. 282 б.

[30] Кыргыз ССР тарыхы II том. - Ф.: Кыргызстан. -1973.

[31] *Асанканов О.Ж., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б., 2001.

[32] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2001.

[33] *Ошол эле жерде.*

[34] *Бейшембеков Султаназир.* Каба уулу Кожомкул (эскерүү) Эркин Тоо. 1999, 19-март.

[35] *Асанканов А.А.,ОсмоновО.Ж.* Кыргызстан тарыхы. Бишкек, 2001.

[36] Кыргыз ССР тарыхы. – Ф.: Кыргызстан, 1973. 238-239-б.

[37] Кыргыз ССР тарыхы II том. Кыргызстан, 1973.

[38] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2001, 286 б.

[39] *Бейшенбаев Султаназир* Каба уулу Кожомкул (эскерүү) //Эркин Тоо. 1999, 19 март.

[40] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2001, 293-б.
[41] Ошол эле жерде. 295-б.
[42] Ошол эле жерде. 296-б.
[43] Кыргыз ССР тарыхы. II том. – Ф.,1973. 308-б.
[44] Кыргыз ССР тарыхы. II том. – Ф., 1973.
[45] *Өздүк иш.* Ф.77, Оп.4, д.63.
[46] *Бейшембаев А.* Балбан тургузган мектеп // Советтик Кыргызстан, – 1988, 23-март.
[47] *Саралаев М.К.* Кожомкул (очерк). – Ф., 1984.
[48] *Асанканов А.А., Осмонов О.Ж.* Кыргызстан тарыхы. – Б., 2001. 320-б.
[49] *Б.Молдокулов.* Каба уулу Кожомкул (тарыхый инсан) // Кыргыз Туусу. – 2000, 24-27-март. 4-6-апр.
[50] *Өздүк иш.* Ф.77, Оп.4, д.63. 6-б.
[51] *Бейшембеков С.* Кожомкулду эскерүү // Эркин Тоо. – 1999, 19-март.
[52] *Бейшенбаев Ш.* Балбан курдурган мектеп // Советтик Кыргызстан. – 1988, 23-март.
[53] *Прохоров Б.* Балбан баяны // Советтик Кыргызстан. – 1983, 14-авг.
[54] *Иманкулов С.* Өз көзүм менен көргөм //Демилге. 1988, 9-июнь.
[55] Нарын энциклопедиясы – Б.,1998. 254-б.
[56] *Бейшенбаев С.* Эркин Тоо //Каба уулу Кожом-

кул. Эскерүү. – 1999, 19-март.

[57] *Байман Ф.Э., Никулин В.П.* Кожомкул уулу Каба. Легендарный баатыр кыргызов. – Б., 1996. 5-б.

[58] *Абдиев Ж.* Кыргыз Туусу //Кожомкулдун күчү жана күмбөзү. 1989, 5-7 янв. № 13-14.

[59] *Эсенгулов Ш.* Кожомкул. – Б., 2001. 4-б.

[60] Нарын энциклопедиясы. – Б., 1998. 255-б.

[61] *Саралаев Ч.К. Кожомкул.* Очерк. – Ф., Кыргызстан, 1984.

[62] *Вильчинский.* Кыргызстан маданияты //Кожомкул алп. – 1969, 13-авг. 11-б.

[63] *Боронбаев К.* Советтик Кыргызстан //Кожомкулду эскерели. – 1987, 24-нояб.

[64] Нарын энциклопедиясы. – Б., 1998.

[65] *Белеков А.* Советтик Кыргызстан //Элдик баатыр баяны. 1988, 4-апр.

[66] *Белеков А.* Кожомкул (Дастан). – Ф., 1988. 171-172-б.

[67] Кожомкулдун тоюнда. Ленинчил жаш. 1989, 1- авг.

[68] *Осмонов Т.* Советтик Кыргызстан // Каба уулу Кожомкулдун тоюнан элестер. – 1989, 4-авг.

# Спонсор жөнүндө

Бул китеп «Кожомкул» атындагы фонддун жана «Байтур» корпорациясынын Президенти **Конушбаев Тынчтыкбек Кадырбековичтин** жардамы менен жарыкка чыкты.



Ал атактуу балбан жана коомдук ишмер Каба уулу Кожомкулдун жердеши катары, анын жаркын элесин эл эсинде сактоого жана жаш муундардын сезиминде атанган ата-бабаларыбыз менен сыймыктанууну, өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө ири ийгиликтерге жетүү тилектерин өнүктүрүүгө көп көңүл бурат. Анын ар тараптуу жардамы менен бир катар китептер жана башка маалымат материалдар жарыяланды. Анын маанилүү иштеринин бири - Кожомкулдун эстелигин жасаттырып, Спорт сарайынын алдына орноттургандыгы

болуп эсептелет. 90-жылдардын башында «Байтур» компаниясын түзүп жана башкарып, аз убакыттын ичинде аны Атамекенибиздин экономикасындагы лидерлердин бири болууга жетиштирди.

Суусамыр өрөөнүнүн мектептеринин мыкты окуган жүздөгөн окуучуларына алты жылдан бери ар бир чейректин жыйынтыгы боюнча стипендияларды ыйгарат жана «Суусамыр өрөөнүндө жылдын мыкты мугалими» конкурсун уюштуруп, мектептердин материалдык базаларын чындоого көмөктөшөт.

Т.К. Конушбаевдин жетекчилиги менен «Байтур» компаниясынын жетишкендиги Кыргызстанда гана эмес, чет элде да таанылды. Компания 2002-жылы Кыргыз Республикасынын «Сапат үчүн» сыйлыгын, 2003-жылы «Өнөржайды өнүктүрүү ассоциациясынын Алтын медалын» (Франция, Париж ш.), 2004-жылы «Напеолеон медалы» эларалык сыйлыгы (Франция, Париж ш.) менен Бишкек шаарынын «Жыл тандоосу» конкурсунун жеңүүчүсү, 2005-жылы Европанын «Сапат үчүн» Гран-присин алган. (Швейцария, Цюрих ш.). 2006-жылы «Компанияны башкарууда көрүнүктүү жетишкендиктери үчүн» эларалык сыйлыгына татыган (Улуубритания, Лондон ш.).

Илимий-популярдуу басылма

Койчуманова Чолпон Урушбековна
Сапарбекова Аксана Асылбековна

Кожомкул - тарыхый инсан

корректор Акынбаев К.А.
тех. корректор Вьюгина В.В., Лещенко С.В.

500 нуска
«ДЭМИ» басмасы
Кулатова, 1а
Келишим баада